**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**
**ОКУМУШТУУЛАР КЕҢЕШИ**
**№2-жыйын-протоколу**

**Дата: 06.03.2017-жыл**
**Убакыт: 14.00.**
**Бөлмө: Конференц-зал**

**КҮН ТАРТИБИНДЕГИ МАСЕЛЕЛЕР:**

1. **Жаңы предметтик стандарттарды бекитүү жөнүндө.**

**1.1.** Об утверждении проекта предметного стандарта по предмету Мировая литература для 5-9 классов общеобразовательных школ с кыргызским языком обучения(Составители:Низовская И. А., Ешенова Н. А., Байгазиев С.О., Муратов А. Ж., Рысбаев С.К., Тагаева Г. С., Алмурзаева С. А., Прояева Э.А., Абдухамидова Б.А., Оморова А., Акматов К.А., Исманов А.).

**1.2.** Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин 5-9-класстары үчүнкыргыз жана дүйнөлүк адабият предмети боюнча предметтик стандарттын жана окуу программасынын долбоорун (түзүүчүлөр: Байгазиев С.О., Муратов А.Ж., Рысбаев С.К., Акматов К.К., Абдухамидова Б.А., Алмурзаева С.А.) бекитүү жөнүндө.

*С.Рысбаев*

2. **2016-2017-окуу жылы үчүн жалпы билим берүүчү мектептердин 9,11-класстарынын жыйынтыктоо аттестациясына карата даярдалган кыргыз тили, кыргыз адабияты, орус тили, орус адабияты боюнча сынактык материалдарды бекитүү жөнүндө.**

С.Рысбаев

3. **Жаңы предметтик стандарттар жана окуу программалар боюнча даярдалган окуу китептердин жана методикалык колдонмолордун кол жазмаларын кайра бекитүү жөнүндө.**

**3.1.** Технология. 5-класс. Окуу китеби. Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо (авт.: Мамбеталиев Ч., Сулайманова Ж., Акматов Д., Келгенбаев А.).

**3.2.** Технология. 6-класс. Окуу китеби. Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо (авт.: Мамбеталиев Ч., Сулайманова Ж., Акматов Д., Келгенбаев А.).

**3.3.** Көркөм өнөр. 6-класс. Окуу китеби (авт.: Акматов Д.А., Орозобаев А.К.), Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо (Жамангулова К.Ү., Акматов Д.А.).

**3.4.** Музыка. 5-класс. Окуу китеби. Мугалимдер үчүн колдонмо (авт.: Муратова А.М., Артыков К.Ж.).

**3.5.** Музыка. 6-класс. Окуу китеби. Мугалимдер үчүн колдонмо (авт.: Муратова А.М., Артыков К.Ж.).

*Ибирайым кызы Айжан*

4. **Жаңы предметтик стандарттар жана окуу программалар боюнча даярдалган окуу китептердин жана методикалык колдонмолордун кол жазмаларын бекитүү жөнүндө.**

**4.1.** Адам жана коом. 5-класс. Окуу китеби. Мугалимдер үчүн методикалыкколдонмо (авт. Осмонов Ө., Саалаев Ө., Керимова Ш., Жыргалбекова Г.).

**4.2.** Адам жана коом. 6-класс. Окуу китеби. Мугалимдер үчүн методикалыкколдонмо (авт. Осмонов Ө., Саалаев Ө., Керимова Ш., Жыргалбекова Г.).

*М.Иманкулов*

**4.3.** Кыргыз тили.Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 6-класс үчүн окуу китеби жанамугалимдер үчүн методикалык колдонмо (авт.Усеналиев С.).

**4.4.** Кыргыз тили. Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 5-класс үчүн окуу китеби (авт.: Жусупбекова Н.С., Оморова А.А., Чепекова Г.С.).

**4.5.** Кыргыз тили. Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 6-класс үчүн окуу китеби (авт.: Жусупбекова Н.С., Оморова А.А., Чепекова Г.С.).

**4.6.** Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 5-6-класстары үчүн Кыргыз тили окуу китебине жазылган мугалимдер үчүн методикалык колдонмо (авторлор: Жусупбекова Н.С., Оморова А., Чепекова Г.).

**4.7.** Кыргыз адабияты. Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 5-класс үчүн хрестоматия окуу китеби (авт.: Муратов А.Ж., Асакеева Р.А., Кыдырбаева Б.А.) жана мугалимдер үчүн методикалык колдонмо (түзг. Муратов А.Ж.).

**4.8.** Кыргыз адабияты. Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 6-класс үчүн хрестоматия окуу китеби (авт.: Муратов А.Ж.,Абдухамидова Б.А., Акматов К.) жанамугалимдер үчүн методикалык колдонмо (түзг. Муратов А.Ж.).

**4.9.** Русский язык. Учебник для 5 класса школ с кыргызским языком обучения и методическое руководство для учителей (авт.: Задорожная Н.П., Таирова Г.К.).

**4.10.** Русский язык. Учебник для 6 класса школ с кыргызским языком обучения и методическое руководство для учителей (авт.: Задорожная Н.П., Таирова Г.К.).

*С.Рысбаев*

**5. Кол жазмаларды бекитүү жөнүндө.**

**5.1.** Химияны тереңдетип окутуу программасы (8-9-класстар үчүн, түзгөн Б.Рыспаева).

**5.2.** Кыргыз тили. Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 7-классы үчүн окуу китеби (авт.: Сапарбаев А., Абдесов Н.).

**5.3.** Мектепте ат атоочту окутуу. Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо (түзг. Мурзалиева З.К.).

**5.4.** Корей эл жомоктору (башталгыч класстарда класстан тышкаркы окуу үчүн):

1) Чоңойткуч оорукана; 2) Мүнүшкөр; 3) Кечир, Пиппи; 4) Ташбака агайдын табият таануу сабагы – 1; 5)Ташбака агайдын табият таануу сабагы – 2; 6) Улуу көч айбанаттардын чоң күрөшү; 7) Мен математиканы абдан жек көрөм – 1; 8) Мен математиканы абдан жек көрөм – 2; 9) Кисониянын сүйүүсү; 10) Тынчтыкты сүйгөн окумуштуу тууралуу аңгеме.

**5.5.** Тарбиянын жакшысы – тагдырдын ачкычы. 8-класстарда иштеген класс жетекчилер үчүн методикалык колдонмо (түзг.: Алымбаева Б.Б., Мансапова Г.М.).

**5.6.** Көркөм тексттер менен иштөөнүн негизинде окуучуларга гендердик билим, тарбия берүү. 7-11-класстар үчүн окуу-методикалык колдонмо (түзг.: Панасова З, Жусупбекова Н., Оморова А., Чепекова Г.).

*К.Добаев*

**5.7.** Өспүрүм курагындагы мектеп кыздары үчүн кыргыз жана орус тилинде колдонмолор: 1) Чоңоюп бойго жетебиз. Өспүрүм курагындагы мектеп кыздары үчүн колдонмо (түзг.: Абдыраманова А.К., Ж.Хейвер, Савочкина В.В., Усупова Ж.Э.); 2) Кызым менен маек(түзг.: Абдыраманова А.К., Ж.Хейвер, Савочкина В.В., Усупова Ж.Э.); 3) Акылай бойго жетти (түзг. Оксана Маркварт); 4) 5-11-класстарда иштеген мугалимдер үчүн методикалык колдонмо (түзг.: Абдыраманова А.К., Ж.Хейвер, Савочкина В.В., Усупова Ж.Э.).

*Б.Рыспаева*

6. Кыргыз тилин эне тил катары окутуунунконцепциясын бекитүү жөнүндө (түзг.: Ж.А.Чыманов, С.К.Рысбаев, көлөмү – 11 бет).

7.Кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүүнү өркүндөтүүнүн концепциясын (түзг.:С. Рысбаев, К. Добаев, Б. Абдухамидова, көлөмү 19- бет) бекитүү жөнүндө.

*С.Рысбаев*

8. Филология илимдеринин докутору, профессор С.О.Байгазиевге Педагогикалык жана методикалык илимий эмгектеринин жыйындысы боюнча 13.00.01. – Жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы; 13.00.02. – Окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (Адабият) жагынан шифр ыйгаруну ЖАКка сунуштоо.

**С.Байгазиев:** Урматтуу коллегалар! Бардык айымдарды келе жаткан 8-Март майрамы менен куттуктайм. Ден соолук, ийгилик, үй-бүлөлүк бакубаттуу жашоо каалайм.

Окумуштуулар кеңешинин 17 мүчөсүнөн бүгүнкү отурумга 13 мүчө катышып отурат. Отурумду баштоого ким макул? Каршы? Калыс? Бардыгы макул. Анда эмесе отурумду баштайбыз. Күн тартибиндеги маселелер төмөндөгүдөй (Күн тартибин окуп берди).

1. **Об утверждении новых предметных стандартов.**

**1.1.Об утверждении проекта предметного стандарта по предмету Мировая литература для 5-9 классов общеобразовательных школ с кыргызским языком обучения(Составители: Низовская И. А., Ешенова Н. А., Байгазиев С.О., Муратов А. Ж., Рысбаев С.К., Тагаева Г. С., Алмурзаева С. А., Прояева Э.А., Абдухамидова Б.А., Оморова А., Акматов К.А., Исманов А.).**

**Слушали:**заведующего лабораторией государственного, официального и иностранных языков, д.п.н., проф. С.Рысбаева, который представил следующую информацию.

Предметный стандарт по мировой литературе для 5-9 классов общеобразовательных школ с кыргызским языком обучения разработан на основе Государственного образовательного стандарта среднего общего образования Кыргызской Республики, Базисного учебного плана для общеобразовательных организаций Кыргызской Республики, а также на основе анализа результатов международных экспертов по образованию. Данный стандарт определяет общую стратегию обучения, воспитания и развития учащихся.

Предметный стандарт служит ориентиром для разработчиков учебных программ и учебников, регламентирующих содержание и новые педагогические условия обеспечения учебного процесса в системе образования в Кыргызстане. В конкретных программах и учебниках отражаются заявленные в данном стандарте подходы, принципы и методы обучения; представлена структура, последовательность изучения учебного материала, примерное распределение учебных часов, отводимых на изучение определенных разделов курса.

В концепцию данного предмета заложены основные его направления с учетом специфики преподавания предмета, относящегося к образовательной области «Искусство», а также с учетом условий изучения предмета в связи с сопоставлением произведений русской литературы с произведениями мировой литературы. Структура предметного стандарта по мировой литературе соответствует структуре, обозначенной в Государственном образовательном стандарте среднего общего образования Кыргызской Республики (2014 г.).

Содержательные линии выделены на основе внутренней структуры и содержания литературного произведения с учетом его специфики как искусства слова. Содержательные линии отражают особенности создания литературного произведения. Проведено распределение учебного материала по содержательным линиям и по классам. При этом соблюден принцип преемственности учебного материала и учебных компетенций учащихся. Реализованы разгрузки содержания предмета и обеспечена их доступность учащимся.

Выделенные компетентности соответствуют целям, задачам и методологии предмета. Ожидаемые результаты соотнесены с содержательными линиями и предметными компетентностями.

Заслушав представленную информацию, члены ученого совета перешли к обсуждению, были заданы вопросы, получены ответы. По итогам голосования 13 членов ученого совета из 17-ти, присутствующих на заседании, одобрили проект предметного

стандарта по предмету Мировая литература для 5-9 классов общеобразовательных школ с кыргызским языком обучения. Против, воздержавшихся нет.

На основании вышеизложенного **Ученый совет постановляет**:
1. Одобрить проект предметного стандарта по предмету Мировая литература для 5-9 классов общеобразовательных школ с кыргызским языком обучения(Составители:Низовская И. А., Ешенова Н. А., Байгазиев С.О., Муратов А. Ж., Рысбаев С.К., Тагаева Г. С., Алмурзаева С. А., Прояева Э.А., Абдухамидова Б.А., Оморова А., Акматов К.А., Исманов А.) и рекомендовать министерству образования и науки для применения.

**1. Жаны предметтик стандартты бекитүү жөнүндө.**
**1.2. Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин 5-9-класстары үчүн кыргыз жана дүйнөлүк адабият предмети боюнча предметтик стандарттын жана окуу программасынын долбоорун (түзүүчүлөр: Байгазиев С.О., Муратов А.Ж., Рысбаев С.К., Акматов К.К., Абдухамидова Б.А., Алмурзаева С.А.) бекитүү жөнүндө.**
**Угулду:** Мамлекеттик, расмий жана чет тилдер лабораториясынын башчысы,п.и.д. профессор лаборатория башчысы С.К.Рысбаев маселе боюнча билдирүү жасады.

Кыргыз жана дүйнөлүк адабият предмети боюнча стандарт Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мектептеринин менчигинин түрлөрүнө, типтерине (лицей, гимназия, автордук мектеп ж.б.) карабай, 5-11-класстарында кыргыз жана дүйнөлүк адабиятты окутуунун негизги окуу-нормативдик документи катары КРнын Билим берүү мыйзамына негизделип иштелип чыккан.

Стандартты иштеп чыгууда КРнын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген жаңы окуу планында көрсөтүлгөн окуу жүктөмдөрүнүн көлөмү эске алынган.

Аталган стандарт кыргыз жана дүйнөлүк адабиятты окутуунун негизги стратегиясын, урунттуу приоритеттүү багыттарын аныктайт, окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин окуучуларына кыргыз жана дүйнөлүк адабият сабагында көркөм сөз каражаттары аркылуу билим берүү, тарбиялоо жана өнүктүрүү маселелерин чечүүгө багытталат, ошону менен бирге, кыргыз жана дүйнөлүк адабиятты окутуунун өзөктүү курсун, башкы таныч-жолун белгилейт.

Стандарт, негизинен, аталган предметтер боюнча окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин (класстардын) окуу программасын иштеп чыгуунун мазмунун, өлчөмүн жана өзөгүн аныктап берет жана ага негиз болуп кызмат кылат.

***Кыргыз жана дүйнөлүк адабият боюнча стандарт төмөнкүлөрдү өз ичине камтыйт:***

- кыргыз жана дүйнөлүк адабиятынан билим берүүнүн максаттары, милдеттери жана натыйжалары;
- адабий билим берүүнүн мазмунун түзүүнүн башкы принциптери;
- адабий билим берүүдө компетенттүүлүккө багытталган билим берүүдөгү методдор жана технологиялар;
- окуучулардын адабий билимин баалоонун негизги принциптери;
- адабияттан окутуу чөйрөсүнө жана усулдарга коюлган негизги талаптар;
- адабий билим берүүнү башкаруу системасын уюштуруу принциптери.

Кыргыз жана дүйнөлүк адабиятты окутуунун бул стандарты бүтүн логикада түзүлгөн документ, ал үч негизги бөлүктөн турат, алар: жалпы маселелер, окуу материалдарынын негизги мазмуну, алардын класстарга жана сааттарга бөлүнүшү; окуучулардын билим жетишкендиктерин баалоо.

Мындагы негизги жана өз ара логикалык байланышта турган үч өзгөчөлүктүү компонентти бөлүп көрсөтүүгө болот: окутуунун компетенттүүлүккө багытталышы жана негизги компетенттүүлүктөрдүн (тилдик, коммуникативдик жана этномаданий)

талаптарынын так жана ачык көрсөтүлүшү; окутуудан алынуучу натыйжалардын даана белгилениши; окуучулардын жетишилген теориялык жана практикалык ийгиликтерин обьективдүү баалоо багыттарынын сунушталышы.

Стандартта көрсөтүлгөн окуу материалдарын берүүнүн структурасы, таяныч принциптери, урунттуу компетенттүүлүктөр, окутуудан алынган натыйжалар адабияттык билим берүүнүн бүткүл мазмунун, өзөгүн аныктоо менен, андан алынган натыйжаларды талдап жана баалоонун стратегияларын аныктайт. Жогорку окуу жайларында кыргыз тили, адабияты мугалимдерин даярдоодо, мугалимдердин адистигин жогорулатууда, аларды аттестациялоодо, кыргыз жана дүйнөлүк адабият боюнча мамлекеттик сынактардын, олимпиадалардын, конкурстардын, дил баяндардын суроо-тапшырмаларын түзүүдө негизги таяныч жана үлгү болуп саналат. Ошону менен бирге, бул документте окуу материалдарынын курстарга бөлүштүрүү өлчөмдөрү, андагы уланмалуулук, ал курстарынын сааттарынын көлөмү да так аныкталып көрсөтүлгөн.

Бул стандарттын негизинде окуу программасы түзүлгөн, окуу китептерди жазууда да дал ушул стандарттын, окуу программанын көлөмүндө окуу материалдарынын мазмуну түзүлөт.

Берилген маалыматты угуп, Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү талкууга өтүштү. Талкууга С.Байгазиев, К.Добаев, М.Иманкулова, С.Рысбаевдер катышты. Добуш берүүдө отурумга катышкан Окумуштуулар кеңешинин 13 мүчөсү дүйнөлүк адабият предмети боюнча предметтик стандарттын долбоорун колдоп добуш беришти, каршы, калыс болгон жок.

Жогорудагыларды угуу менен талкуулоо жана добуш берүүнүн жыйынтыгында **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**
1. Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин 5-11-класстары үчүн кыргыз жана дүйнөлүк адабият предмети боюнча предметтик стандарттын жана окуу программасынын долбоору (түзүүчүлөр: Байгазиев С.О., Муратов А.Ж., Рысбаев С.К., Акматов К.К., Абдухамидова Б.А., Алмурзаева С.А.) жактырылсын жана Билим берүү жана илим министрлигине колдонууга сунушталсын.

**2. 2016-2017-окуу жылы үчүн жалпы билим берүүчү мектептердин 9,11 (12) класстарынын жыйынтыктоо аттестациясына карата даярдалган кыргыз тили, кыргыз адабияты, орус тили, орус адабияты боюнча сынактык материалдарды бекитүү жөнүндө.**

**Угулду:** Мамлекеттик, расмий жана чет тилдер лабораториясынын башчысы, профессор С.Рысбаев 2016-2017-окуу жылы үчүн жалпы билим берүүчү мектептердин 9,11(12) класстарынын жазуу иштеринин жыйынтыктоо аттестациясына карата даярдалган кыргыз тили, кыргыз адабияты, орус тили, орус адабияты боюнча сынактык материалдар боюнча билдирүү жасады.

Лабораториянын кызматкерлери жазуу иштеринин жыйынтыктоо аттестациясына карата материалдарды даярдашты.

**Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептер үчүн:**
- 9-класс – дилбаяндын элементтерин камтыган баяндама, 5 вариант – даярдаган С.Рысбаев.
- 11-класс – кыргыз тили жана адабияты боюнча дилбаяндын темалары, ар бир бөлүктөн 20 тема – даярдаган Б.Абдухамидова.
- 11-класс – орус тилинен жат жазуу тексттери, 5 вариант – даярдаган А.Ниязова.

**Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептер үчүн:**
- 9-класс – дилбаяндын элементтерин камтыган баяндама, 5 вариант – даярдаган М.Иманкулова.
- 11-класс – орус тили жана адабияты боюнча дилбаяндын темалары, ар бир бөлүктөн 20 тема – даярдаган С.Алмурзаева.

- 11-класс – кыргыз тилинен жат жазуу тексттер, 5 вариант – даярдаган Б.Абдухамидова.

Аталган сынактык материалдар мектептин предметтик стандарттарынын жана окуу программаларынын талаптарына ылайык түзүлгөн. Сынактык материалдар лабораториянын жана кафедранын илимий кызматкерлери менен окутуучулары тарабынан каралып, талкууланып, такталды.

Берилген маалыматты угуу менен Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү жыйынтыктоо аттестациясына даярдалган жазуу иштери боюнча талкууга өтүштү. Талкуунун учурунда суроолор берилип жооптор алынды. Добуш берүүдө Окумуштуулар кеңешинин 17 мүчөсүнөн отурумга катышкан 13 мүчө даярдалган материалдарды бир добуштан колдошту.

Жыйынтыгында талкуунун жана добуш берүүнүн негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

1. 2016-2017-окуу жылы үчүн жалпы билим берүүчү мектептердин 9,11 (12) класстарынын жыйынтыктоо аттестациясына карата даярдалган кыргыз тили, кыргыз адабияты, орус тили, орус адабияты боюнча сынактык материалдары бекитилсинжана билим берүү министрлигине сунушталсын.

**3. Жаңы предметтик стандарттар жана окуу программалар боюнча даярдалган окуу китептердин жана методикалык колдонмонун кол жазмаларын кайра бекитүү жөнүндө.**

**3.1. Технология. 5-класс. Окуу китеби. Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо (авт.: Мамбеталиев Ч., Сулайманова Ж., Акматов Д., Келгенбаев А.).**

**Угулду:** Технология жана искусство лабораториясынын башчысы, **п.и.к.Ибирайым к. А.** Технология боюнча 5-класстын окуучулары үчүн окуу китебин жана анын методикалык колдонмосунун кол жазмалары лабораторияда экинчи жолу талкууланганы боюнча маалымат берди.

Биринчи кол жазмалар кыргызча жана орусча болуп бирбеткей эмес болчу. Мында орус тилиндеги варианты кайрадан иштелип чыгып, лабораториянын отурумунда экинчи жолу каралды.

Технология предметинин кол жазмасына п.и.к., а.и.к. Ибирайым кызы Айжан жана мектеп мугалими Н.Дөөлөтбаева пикирлерин беришкен. Рецензенттер тарабынан буга чейинки айтылган кемчиликтер, сын пикирлер эске алынып, каталары оңдолуп, мурунку сүрөттөргө караганда сапаттуу сүрөттөр менен алмаштырылып, кайрадан иштелип чыккандыгы көрсөтүлгөн. Ошондой эле мугалимдер үчүн усулдук колдонмодо сабактын максаттарын түшүнүктүү жана кошумча методикалык иштелмелер кеңири жазылып иштелип чыккан. Предметтер аралык байланышы бекемделип практикалык иштерди аткарууда зарыл болгон маалыматтар менен толукталган.

**С.Байгазиев:** Жетектөөчү автор ким?

**Ибирайым кызы Айжан:** Жетектөөчү автор Д.Акматов.

**Е.Син:** Методическое пособие для учителей есть?

**Ибирайым кызы Айжан:** Да, есть.

С.Байгазиев: 5-класс үчүн Технология окуу китеби жактырылсын деген сунушка ким макул? Каршы? Калыс? Бардыгы макул. Чечим кабыл алынды.

Добуш берүүдө отурумга катышкан Окумуштуулар кеңешинин 13 мүчөсү кол жазмаларды колдоп добуш беришти. Каршы, калыс болгон жок.

Талкуунун жана добуш берүүнүн негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

1. 5-класс үчүн Технология окуу китебинин жана мугалимдер үчүн методикалык колдонмосунун (авт.: Ч.Мамбеталиев, Ж.Сулайманова, Д.Акматов, А.Келгенбаев) кол жазмалары жактырылсын жана сынактан өткөрүүгө мектептерге жиберилсин.
2. Технология сынак окуу китебине жана мугалимдер үчүн методикалык колдонмосуна карата айтылган сунуш-пикирлер эске алынып, оңдоо жагы авторлорго жана басмага милдеттендирилсин.

**3.2. Технология. 6-класс. Окуу китеби. Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо (авт.: Мамбеталиев Ч., Сулайманова Ж., Акматов Д., Келгенбаев А.).**

**Угулду:** Технология жана искусство лабораториясынын башчысы, п.и.к.Ибирайым кызы

А. 6-класстын окуучулары үчүн Технология боюнча окуу китеби жана методикалык колдонмосу экинчи жолу лабораторияда талкуулангандыгын маалымдады.

Окумуштуулар кеңешиндеги аталган окуу комплекс боюнча биринчи талкууда бир нече кемчиликтер айтылып, аларды оңдоп келүү жагы авторлорго милдеттендирилген. Ошол себептүү бул кол жазмалар кайрадан лабораториянын отурумунда каралып, талкууланды.

6-класстын окуу комплекстерин эки рецензент карап чыгып, айрым бир мүчүлүштүктөрдү белгилешип, негизинен оң бүтүмдөрүн чыгарышты. Себеби, окуу китебине жана методикалык колдонмого карата айтылган сунуш-пикирлер эске алынып, каталары оңдолуп, мурунку сүрөттөргө караганда сапаттуу сүрөттөр менен алмаштырылган. Ошондой эле мугалимдер үчүн усулдук колдонмодо сабактын максаттарын түшүнүктүү жана кошумча методикалык иштелмелер кеңири жазылып иштелип чыккан. Сабактын темалары программадагы материалдарга дал келет. Предметтер аралык байланыш эске алынган, керектүү маалыматтар менен толукталган.

Берилген билдирүүнү эске алуу менен талкуудан кийин добуш берүүдө Окумуштуулар кеңешинин отурумга катышкан 13 мүчөсү кол жазмаларды колдоп добуш беришти. Каршы, калыс болгон жок.

Талкуунун жана добуш берүүнүн негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

1. 6-класс үчүн Технология окуу китеби жана мугалимдер үчүн методикалык колдонмосунун (авт.: Ч.Мамбеталиев, Ж.Сулайманова, Д.Акматов, А.Келгенбаев) кол жазмалары жактырылсын жана сынактан өткөрүүгө мектептерге жиберилсин.
2. Технология сынак окуу китебине жана мугалимдер үчүн методикалык колдонмосуна карата айтылган сунуш пикирлер эске алынып, оңдоо жагы авторлорго жана басмага милдеттендирилсин.

**3.3. Көркөм өнөр. 6-класс. Окуу китеби (авт.: Акматов Д.А., Орозобаев А.К.), Мугалимдер үчүн усулдук колдонмо (Жамангулова К.Ү., Акматов Д.А.).**

**Угулду:** Технология жана искусство лабораториясынын башчысы, **п.и.к. Ибирайым кызы Айжан** Көркөм өнөр 6-класстын окуучулары үчүн окуу китебинин жана анын усулдук колдонмосунун кол жазмалары буга чейин лабораторияда талкууланып, Окумуштуулар кеңешинде каралгандыгы боюнча маалымат берди. Бирок Окумуштуулар кеңеши рецензенттердин бири К.Абдыбаевтин Көркөм өнөр боюнча 6-класстын окуучулары үчүн окуу китебинин жана усулдук колдонмосунун кол жазмаларына жазган пикирин КББАнын талаптары боюнча кайрадан жазуусун сунушташкан. Рецензенттин пикири түшкөн соң окуу китеби жана усулдук колдонмо кайрадан лабораторияда каралып, талкууланды.

Окуу китеби 34 саатка эсептелинип, Билим берүү министрлиги тарабынан бекитилген предметтик стандартка жана окуу программасына дал келээри белгиленди. Окуу топтомдорунда сабактын иштелмелерин көркөм өнөр сөздүгү, тесттер, темага ылайык иллюстративдик материалдардын берилгендигин, жергиликтүү жана дүйнөгө таанымал айрым сүрөтчүлөрдүн өмүр баяны камтылганы тууралуу айтылды.

Билдирүүнү эске алуу менен Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрүнүн арасында талкуу болуп өттү. Талкуудан кийин добуш берүүдө отурумга катышкан Окумуштуулар кеңешинин 13 мүчөсү кол жазмаларды колдоп добуш беришти.Каршы, калыс болгон жок.

Талкуунун жана добуш берүүнүн негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

1. 6-класс үчүн Көркөм өнөр окуу китебинин (авт.: Акматов Д.А., Орозобаев А.К.), мугалимдер үчүн усулдук колдонмонун (Жамангулова К.Ү., Акматов Д.А.) кол жазмалары жактырылсын жана мектептерге сынакка жиберилсин.
2. Көркөм өнөр окуу китебине жана усулдук колдонмосуна карата рецензенттердин жана Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрүнүн сунуш-пикирлери авторлор тарабынан эске алынсын, оңдоо жагы авторлорго жана басмага милдеттендирилсин.

**3.4. Музыка. 5-класс. Окуу китеби. Мугалимдер үчүн колдонмо (авт.: Муратова А.М., Артыков К.Ж.).**

**Угулду:** Технология жана искусство лабораториясынын башчысы, **п.и.к.Ибирайым к. А.**Музыка боюнча 5-класстын окуучулары үчүн окуу китебин, мугалимдер үчүн колдонмосун жана фонохрестоматиясын лабораторияда талкууланганы боюнча маалымат берди.

Музыка предметинин бул кол жазмасына КММИУнин доценти,п.и.к.К.Абышев жана КББАнынилимий кызматкери, музыка таануучуЖ.Дуйшеналиев пикирлерин

беришкен.Рецензенттердин пикири негизинен биринчи кол жазмага карата кетирилген бардык катачылыктарды, экинчи жолку сунушталып жатканкол жазмадаоңдоолор, толуктоолор болгондугу менен жазылган.

Лабораториянын отурумунда авторлор жана рецензенттер окуу китебин предметтик стандарттын жана программанын негизинде жазылганын белгилешкен. Экинчи жолку сунушталып жаткан кол жазмаларда техникалык, стилистикалык, грамматикалык жана нота жазуу боюнча кетирилген каталар оңдолгонун билдиришти. Ал эми мугалимдер үчүн колдонмо болсо сабактардын иштелмелери катары берилгендиги айтылды. Жогорудагы кемчиликтер оңдолуп чыккандыгын жана сынакка сунуш кылууга боло тургандыгын маалымдады.

Берилген маалыматты эске алуу менен,Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрүнүн арасында талкуу болуп өттү. Талкуудан кийин добуш берүүдө отурумга катышкан Окумуштуулар кеңешинин 13 мүчөсү кол жазмаларды колдоп добуш беришти.Каршы, калыс болгон жок.

Талкуунун жана добуш берүүнүн негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

1. 5-класс үчүн Музыка окуу китебинин, мугалимдер үчүн колдонмонун (авт.: Муратова А.М., Артыков К.Ж.) кол жазмалары жана фонохрестоматия жактырылсын жана мектептерге сынакка жиберилсин.
2. Музыка окуу китебинин, мугалимдер үчүн колдонмонун көрсөтүлгөн кээ бир техникалык кемчиликтерди оңдоо жагы авторлорго жана басманын редакторлоруна жүктөлсүн.

**3.5. Музыка. 6-класс. Окуу китеби. Мугалимдер үчүн колдонмо (авт.: Муратова А.М., Артыков К.Ж.).**

**Угулду:** Технология жана искусство лабораториясынын башчысы, **п.и.к.Ибирайым к.** А. Музыка боюнча 6-класстын окуучулары үчүн окуу китебин, мугалимдер үчүн колдонмосун жана фонохрестоматиясын лабораторияда талкууланганы боюнча маалымат берди.

Экинчи жолку сунушталып жаткан Музыка предметинин кол жазмасына КММИУнин доценти,п.и.к.К.Абышев жана КББАнынилимий кызматкери, музыка таануучуЖ.Дуйшеналиев пикир бергендигин маалымдады. Рецензенттердин пикиринде, биринчи жолку кол жазмага карата берилген бардык катачылыктарды, экинчи жолку сунушталып жатканкол жазмадаоңдоолор болгондугу жазылган.

Лабораториянын отурумунда авторлор жана рецензенттер окуу китебин предметтик стандарттын жана программанын негизинде жазылганын белгилешкен. Экинчи жолку сунушталып жаткан кол жазмаларда техникалык, стилистикалык жана нота жазуу боюнча каталарда оңдоолор болгонун билдиришкен. Ал эми мугалимдер үчүн колдонмо болсо, сабактардын иштелмелери катары берилгендиги айтылды. Жогорудагы кемчиликтер оңдолуп чыккандыгын жана сынакка сунуш кылууга боло тургандыгы тууралуу айтылды.

Билдирүүнү эске алуу мененОкумуштуулар кеңешинин мүчөлөрүнүн арасында талкуу болуп өттү. Талкуудан кийин добуш берүүдө отурумга катышкан Окумуштуулар кеңешинин 13 мүчөсү кол жазмаларды колдоп добуш беришти. Каршы, калыс болгон жок.

Талкуунун жана добуш берүүнүн негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

3. 6-класс үчүн Музыка окуу китебинин, мугалимдер үчүн колдонмонун (авт.: Муратова А.М., Артыков К.Ж.) кол жазмалары, фонохрестоматия жактырылсын жана мектептерге сынакка жиберилсин.
4. Музыка окуу китебинин, мугалимдер үчүн методикалык колдонмонун көрсөтүлгөн кээ бир техникалык кемчиликтерди оңдоо жагы авторлорго жана басманын редакторлоруна жүктөлсүн.

## 4. Жаңы предметтик стандарттар жана окуу программалар боюнча даярдалган окуу китептердин жана методикалык колдонмолордун кол жазмаларын бекитүү жөнүндө.

**4.1. Адам жана коом. 5-класс. Окуу китеби. Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо (авт. Осмонов Ө., Саалаев Ө., Керимова Ш., Жыргалбекова Г.).**

**Угулду:** Социалдык-гуманитардык предметтер лабораториясынын башчысы, п.и.к., доцент М.Иманкуловдун билдирүүсү.

Кол жазманын негизин түзгөн окуу китебинин мазмуну Адам жана коом боюнча предметтик стандартка толук жооп берет. Окуу китебинин мазмунунда аныкталган

темалар ачылып берилген. Темалардын материалын баяндап берүүдө илимийлүүлүк, уланмалуулук, жеткиликтүүлүк принциптери сакталган.

Мазмунда адамдын кайталангыстыгы, кулк-мүнөзү, маанайы, сезимдери, рухий жана материалдык керектөөлөрү анын социалдык жандык катары өзгөчөлүктөрүн көрсөтүп турат. Адамдын коомдо жарандык жана улуттук деңгээлде өнүгүүсү көрсөтүлгөн.

Адам жана коом окуу китебинин негизги айырмачылыгы – китеп жаңы муундагы предметтик стандартына, окуу программасына ылайык жазылып, окуучулардын предметтик компетенцияларын өнүктүрүүгө жардам берет.

Ошону менен бирге окуу китебинде айрым бир кемчиликтерге жол берилген:

- окуучу жаш өзгөчөлүгүн эске алуу менен баяндоону дагы жалпак жөнөкөй тил менен берүүсү зарыл;
- темаларга ылайык сүрөттөрдү, иллюстрацияларды көбүүрөк берүү керек;
- ошондой эле кошумча окуу үчүн берилген материалдарды бир сыйра тактап кээ бирлерин алмаштыруу керек.
- айрым подтемалар боюнча материалдарды мазмунуна шайкеш келтирүү керек.
- предмет аралык байланыштарды: тарых, адабият, география, укук, экология ж.б. мындан дагы тереңдетүү зарыл.

Бирок, айтылган кемчиликтер окуу китебине олуттуу таасирин тийгизбейт, андыктан 5-класс үчүн жазылган Адам жана коом окуу китебин жана мугалимдер үчүн методикалык колдонмосун апробацияга жөнөтүүгө болот.

Мугалимдер үчүн методикалык колдонмодо сабактардын максаттарын коюуда жаңы стандарттын талабына ылайык, предметтик компетенттүүлүктөрдү калыптандырууга багытталат. Компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу максатында сабакта долбоор технологиясы, сынчыл ойлом технологиялары сыяктуу бир катар жаңы педагогикалык технологияларды колдонуунун үлгүлөрү сунушталган.

Адам жана коом окуу китебине жана методикалык колдонмого рецензияларды т.и.д., профессор Батырбаева Ш.Ж., п.и.к Элебесова А.Б., мугалим Асыранбекова Б., илимий кызматкер Сураганова З.А жазышып сунуштарын беришкен.

**А.Токтомаметов:** Мурда алгачкы түшүнүктөр 9-класста берилчи эле, азыр 5-класста берилеби?

**М.Иманкулов:** Азыр жаңы система менен кетет.

**С.Байгазиев:** Китеп биринчи жолу жазылып жатыптыр. Кол жазманы бекитүүгө ким макул? Каршы? Калыс? Бардыгы макул.

Жогорудагы окуу китеби тууралуу берилген маалыматтарды угуу менен аны бекитүүгө отурумга катышкан Окумуштуулар кеңешинин 13 мүчөсү кол жазмаларды колдоп добуш беришти, каршы, калыс болгон жок.

Жыйынтыгында талкуунун жана добуш берүүнүн негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

1. 5-класс үчүн Адам жана коом окуу китебинин жана методикалык колдонмонун (автордук коллектив: Ө.Ж.Осмонов, Ш.К.Керимова, Г.К. Жыргалбекова, Ө.С.Саалаев) кол жазмалары жактырылсын жана мектептерге апробацияга жиберилсин.
2. Кол жазмаларга карата айтылган кемчиликтерди оңдоо жагы авторлорго жана басмага милдеттендирилсин.

**4.2. Адам жана коом. 6-класс. Окуу китеби. Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо (авт. Осмонов Ө., Саалаев Ө., Керимова Ш., Жыргалбекова Г.).**

**Угулду:** Социалдык-гуманитардык предметтер лабораториясынын башчысы, п.и.к., доцент М.Иманкуловдун билдирүүсү.

Кол жазманын негизин түзгөн Адам жана коом окуу китебинин мазмуну предметтик стандартка толук жооп берет. Окуу материалын камтышы, методикалык аппараты, көлөмү боюнча окуу китебинин статусуна жараша талаптарга жооп берет. Окуу китебинин

мазмуну программалык материалдын 100%ын камтыйт. Материалды баяндап берүүдө уланмалуулук, илимийлүүлүк сакталган.

Окуу китебинин мазмунунда аныкталган темалар ачылып берилген.

Окуу китептеринде айрым бир кемчиликтерге жол берилген:
- окуучу жаш өзгөчөлүгүн эске алуу менен баяндоону дагы жалпак жөнөкөй тил менен берүүсү зарыл;
- темаларга ылайык сүрөттөрдү, иллюстрацияларды көбүүрөк берүү керек;
- ошондой эле кошумча окуу үчүн берилген материалдарды бир сыйра тактап кээ бирлерин алмаштыруу керек.
- айрым подтемалар боюнча материалдарды мазмунуна шайкеш келтирүү керек.
- п редмет аралык байланыштарды: тарых, адабият, география, укук, экология ж.б. мындан дагы тереңдетүү зарыл.

Айтылган кемчиликтер окуу китебин сынактан өткөрүү учурунда эске алынып, кол жазмага тактоолор киргизилиши керек.

Мугалимдер үчүн методикалык колдонмодо сабактарда колдонула турган усулдар тууралуу кеңири маалымат берилет. Ошондой эле аларды сабактарда колдонуунун үлгүлөрү көрсөтүлгөн. Үлгү сабактардын иштелмелери берилген.

Адам жана коом окуу китебине жана методикалык колдонмого рецензияларды т.и.д., профессор Батырбаева Ш.Ж., п.и.к Элебесова А.Б., мугалим Асыранбекова Б., илимий кызматкер Сураганова З.А жазышып сунуштарын беришкен.

Берилген маалыматтан кийин окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрүнүн арасында талкуу болуп өттү. Талкууда С.Байгазиев А.Токтомаметов, М.Иманкуловдор катышты. Суроолор берилип жооптор алынды.

Жогорудагы окуу китеби жана методикалык колдонмо тууралуу берилген маалыматтарды угуу менен кол жазмаларды бекитүүгө отурумга катышкан Окумуштуулар кеңешинин 13 мүчөсү макул болду, каршы, калыс болгон жок.

Жогоруда айтылгандын, талкуунун жана добуш берүүнүн негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

1. 6-классы үчүн Адам жана коом окуу китебинин жана методикалык колдонмонун (автордук коллектив: Ө.Ж.Осмонов, Ш.К.Керимова, Г.К. Жыргалбекова, Ө.С.Саалаев) кол жазмалары жактырылсын жана мектептерге апробацияга жиберилсин.
2. Кол жазмаларга карата айтылган кемчиликтерди апробация учурунда оңдоо жагы авторлорго жана басмага милдеттендирилсин.

### 4.3. Кыргыз тили. Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 6-класс үчүн окуу китеби жана мугалимдер үчүн методикалык колдонмо (авт.Усеналиев С.).

**Угулду:** Мамлекеттик, расмий жана чет тилдер лабораториясынын башчысы,п.и.д. профессор лаборатория башчысы С.Рысбаев маселе боюнча билдирүү жасады.

Кол жазманын статусу так аныкталган. Ал жалпы билим берүүчү кыргыз орто мектептеринин, гимназияларынын 6-класстары үчүн “Кыргыз тили” предметине ылайык иштелген.

Кол жазма окуу планындагы кыргыз тили предметине арналып жазылган. Негизги максаты 6-класс үчүн 2015-жылы 3 жолу басылып чыккан Кыргыз тили китебин кайрадан оңдоп, жаңы материалдар менен толуктап, окуучулардын сабаттуулугун арттыруу, кеп байлыгын өстүрүү, рухий жактан калыптанган муундарды тарбиялоо болуп саналат.

Негизинен кол жазма программадагы окуу материалдарын 95% камтыган. Кол жазманын артыкчылыгы окуучулардын кыргыз тилинин грамматикасын, анын теориялык маселелерин, кеп байлыгын, кеп маданиятын өстүрүп, интеллектиси жогору жаштарды тарбиялоодо мааниси чоң.

6-классынын Кыргыз тили окуу китебине методикалык колдонмо иштелип чыккан. Методикалык колдонмонун кол жазмасы окуу планындагы 6-класстын кыргыз тили

предметине арналып даярдалган. Кол жазмага кыскача аннотация жазылган. Методикалык колдонмодо кыргыз тили сабагы (6-класс үчүн) боюнча мугалимдер квалификациялуу даярдыктарды көрүү үчүн ар түрдүү тексттик жана практикалык тапшырмалар берилген.

Негизинен мугалимдерге методикалык жардам катары жазылган, анын ичинде эң мыкты сабактардын иштелмелери дагы бар. Колдонмо өзгөчө жаш мугалимдер үчүн сабактын 3 максатын, тибин, ыкмасын, формасын коё билүүгө жардам берет. Кыргыздын улуттук колоритин чагылдырган тексттер, ырлар, макалдар, табышмактар, сөздүк, жат жазуулар колдонмодо бай камтылган жана ал мугалимдердин сабакка даярданууда убактыларын үнөмдөп, чыгармачыл сабактарды өтүүгө багыт берет.

Мында тема толук баяндалып берилген. Колдонулган материалдардын байлыгы, көптүгү, көркөмдүгү,т ил каражаттары баары талаптагыдай, системалуу, технологияны ыктуу пайдалануусу ж.б.у.с.өзгөчөлүктөр даана байкалып турат.

Колдонмодо учурдун талабына ылайык мазмундуу тексттер, проблемалык суроо тапшырмалар, сөздүк жумуштар, интернеттен алынган маалыматтар, методикалык түркүн ыкмалар эң жакшы берилген.Негизинен колдонмо автордун мурдагы колдонмолорунан бир кыйла жаңыланган, методикалык бай ыкмалар менен берилген.

Ушундай артыкчылыктары менен колдонмо апробацияга жиберилүүгө сунушталат.

**А.Токтомаметов:** Автордун кызын дагы кошуп коюу керек. Аталышын Кыргыз тили дебей Кыргыз тил деп эле койсо.

**С.Байгазиев:** С.Усеналиевдин китеби абдан жакшы жазылган. Методикалык колдонмосу дагы иреттүү, ыраттуу жазылган. Аталышын болсо ойлонуп көрүшсүн. Кол жазма жактырылсын деген сунушка ким макул? Каршы? Калыс? Бардыгы макул.

Берилген маалыматтан кийин талкуу болуп өттү. Талкууга С.Байгазиев, К.Добаев, А.Токтомаметов, С.Рысбаевдер катышып өз сунуштарын айтышты. Добуш берүүнүн жыйынтыгында отурумга катышкан Окумуштуулар кеңешинин 13 мүчөсү кол жазманы колдоп добуш беришти. Каршы, калыс болгон жок.

Жогорудагыларды угуу менен талкуунун жана добуш берүүнүн негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

1. Жалпы билим берүүчү мектептердин 6-класс үчүн Кыргыз тили окуу китебинин жана мугалимдер үчүн методикалык колдонмонун (авт. С.Үсөналиев)кол жазмалары жактырылсын жана мектептерге апробацияга сунушталсын.

**4.4. Кыргыз тили. Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 5-класс үчүн окуу китебинин кол жазмасын (авт.: Жусупбекова Н.С., Оморова А.А., Чепекова Г.С.) бекитүү жөнүндө.**

**Угулду:** Мамлекеттик, расмий жана чет тилдер лабораториясынын башчысы,п.и.д. профессор лаборатория башчысы С.Рысбаев маселе боюнча буларды маалымдады.

Аталган кол жазма мектептеги окуу планында көрсөтүлгөн предметтерге тиешеси бар, анткени Кыргыз тилин орус мектептерде окуган негизги предмет катары мамлекеттик тилди үйрөтүү максатын көздөп киргизилген.

Окуу китеп тил үйрөтүүнүн алдыңкы педагогикалык тажрыйбаны, жаңы методикалык ыкмаларды, жаңыча технологияларды пайдаланып түзүлгөн. Анда негизги көңүл грамматиканы үйрөтүүгө эмес, кеп ишмердүүлүгүнүн угуу, сүйлөө, окуу жана жазуу деген төрт түрүнө практикада машыктыруу максатын көздөп, сүйлөшүүгө үйрөтүүнү максат койгон.

Окуу китептин жалпы мазмуну 7 модулга бөлүнүп, үй-бүлө, эс алуу, кесип, Кыргызстан, ден соолук, соода-сатык, кызыгуулар деген кептик темаларды камтыйт. Ал эми грамматикалык темалар сүйлөшүүнү үйрөтүүгө, окуучулардын жазуу сабаттуулугуна багытталган.

Китепте окуучулардын окуу ишмердүүлүгүн уюштуруучу тапшырмалардын жана көнүгүүлөрдүн системасы түзүлгөн, анда диалогго катыш, диалогду толукта, сөздүн

антонимдерин, синонимдерин тап, өз оюңду билдир, сүрөт боюнча иште, макул же каршы экендигиңди билдир, ж.б. чыгармачыл мүнөздөгү тапшырмалар коюлган. Булар менен бирге, ар бир кептик модулга жараша сүрөттөр, мазмундуу көркөм тексттер, макал-лакаптар таблицалары берилген. Тексттер суроо-тапшырмалар жана сөздүктөр менен жабдылган.

Окуу китептин методикалык аппараты мыкты түзүлгөн, анда сүйлөшүү темасы, грамматикалык материалдар, таблицалар, сүйлөшүүгө багыт берүүчү тапшырмалар, ой жүгүртүүчү суроолор, адабий чыгармалар, сүрөттөр, жалпылоочу, жыйынтыктоочу тапшырмалар ж.б.камтылган.

К.Добаев: Уулум 4-класста орус мектепте окуйт. Кыргыз тили китебинде 7-8 кыргыз сөздөр бар экен, ал сөздөр Юдахиндин словарында да жок экен.

С.Рысбаев: Туура. Лексикалык минимумдар эми түзүлүп жатат.

С.Байгазиев: Китеп жазганда илимпоз-теоретик, практик-мугалим чогуу жазса деген позицияны карманып келебиз. Кээде практик-мугалимдер жазганда, эмпирикалык деңгээлде жазылып калат экен. Мугалимдин практикалык билимин колдонуп, илимпоз менен кеңешип жазылса, сапаттуу китеп болот. Тажрыйбалуу мугалимдер жазыптыр. Лабораториянын чечимин колдоп бекитүүгө сунуш берем. Ким макул? Каршы? Калыс? Бардыгы бекитүүгө макул. Чечим кабыл алынды.

Добуш берүүдө Окумуштуулар кеңешинин отурумга катышкан 13 мүчөсү кол жазмаларды бир добуштан колдошту. Каршы – 0, калыс – 0.

Жогорудагыларды угуу менен, талкуунун жана добуш берүүнүн жыйынтыгында **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

**1.**Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 5-класс үчүн Кыргыз тили окуу китебинин кол жазмасы (авт.: Жусупбекова Н.С., Оморова А.А., Чепекова Г.С.) бекитилсин жана мектептерге апробацияга сунушталсын.

**4.5. Кыргыз тили. Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 6-класс үчүн окуу китебинин кол жазмасын (авт.: Жусупбекова Н.С., Оморова А.А., Чепекова Г.С.) бекитүү жөнүндө.**

**Угулду:** Мамлекеттик, расмий жана чет тилдер лабораториясынын башчысы,п.и.д. профессор лаборатория башчысы С.К.Рысбаев маселе боюнча билдирүү жасады.

Окуу китептин статусу так аныкталган, анда аталган мектептердин 6-класстары үчүн Кыргыз тили окуу китеп экендиги белгиленген. Билим Берүү министрлиги тарабынан бекиген окуу стандарттына шайкеш келет, окуу программасынын талаптарына ылайык түзүлгөн. 6-класстын материалдары толук камтыгандыгы көрсөтүлгөн. Ошондой эле тил үйрөтүүдөгү жаңы технологиялар, алдыңкы педагогикалык тажрыйбалар кеңири колдонулгандыгы, окуучулардын тил үйрөнүүдөгү кеп ишмердигинин бардык түрлөрүнө машыктыруучу методикалык иш-аракеттер эске алынгандыгы белгиленген.

Кол жазма мектептеги окуу планында көрсөтүлгөн предметтерге тиешеси бар, анткени Кыргыз тилин орус мектептерде окуган негизги предмет катары мамлекеттик тилди үйрөтүү максатын көздөп киргизилген.

Окуу китептин бул кол жазмасы тил үйрөтүүнүн алдыңкы педагогикалык тажрыйбаны, жаңы методикалык ыкмаларды, жаңыча технологияларды пайдаланып түзүлгөн. Анда негизги көнүл грамматиканы үйрөтүүгө эмес, кеп ишмердүүлүгүнүн угуу, сүйлөө, окуу жана жазуу деген төрт түрүнө практикада машыктыруу максатын көздөп, сүйлөшүүгө үйрөтүүнү максат койгон.

Китепте окуучулардын окуу ишмердүүлүгүн уюштуруучу тапшырмалардын жана көнүгүүлөрдүн системасы түзүлгөн, анда диалогго катыш, диалогду толукта, сөздүн антонимдерин синонимдерин тап, өз оюңду билдир, сүрөт боюнча иште, макул же каршы экендигиңди билдир, ж.б. чыгармачыл мүнөздөгү тапшырмалар коюлган. Булар менен бирге, ар бир кептик модулга жараша сүрөттөр, мазмундуу көркөм тексттер, макал-лакаптар таблицалары берилген. Тексттер суроо-тапшырмалар жана сөздүктөр менен

жабдылган. Окуу китептин методикалык аппараты мыкты түзүлгөн, анда сүйлөшүү темасы, грамматикалык материалдар, таблицалар, сүйлөшүүгө багыт берүүчү тапшырмалар, ой жүгүртүүчү суроолор, адабий чыгармалар, сүрөттөр, жалпылоочу, жыйынтыктоочу тапшырмалар ж.б. камтылган. Аталган китепти практикада сыноо үчүн сунуштоого болот.

Окумуштуулар кеңешинин отурумундада катышкан мүчөлөр кол жазманы талкууга алышты. Талкууга С.Байгазиев, К.Добаев, А.Токтомаметов, С.Рысбаевдер катышты. Добуш берүүдө отурумга катышкан Окумуштуулар кеңешинин 13 мүчөсү кол жазмаларды колдоп добуш беришти, каршы, калыс болгон жок.

Жыйынтыгында талкуунун жана добуш берүүнүн негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

**1.**Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 6-класс үчүн Кыргыз тили окуу китебинин (автору: Жусупбекова Н.С., Оморова А., Чепекова Г.) кол жазмасы бекитилсин жана мектептерге апробацияга сунушталсын.

**4.7. Кыргыз адабияты. Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 5-класс үчүн хрестоматия окуу китеби (авт.: Муратов А.Ж., Асакеева Р.А., Кыдырбаева Б.А.) жана мугалимдер үчүн методикалык колдонмо (авт. Муратов А.Ж.).**

**Угулду:** Мамлекеттик, расмий жана чет тилдер лабораториясынын башчысы,п.и.д. профессор лаборатория башчысы С.Рысбаев маселе боюнча билдирүү жасады.

**1. Окуу китеби.**Аталган жазманын статусу так аныкталган. Ал жалпы билим берүүчү кыргыз орто мектептеринин 5-класстары үчүн «Кыргыз адабияты» предметине ылайык иштелип чыккан.

Анда окуу китептин кол жазмасы жаңы окуу программасынын негизинде түзүлгөндүгү жана окуу хрестоматиянын талаптары сакталгандыгы, 5-класстын окуучулары үчүн көркөм чыгармалардын үлгүлөрү камтылгандыгы айтылган.

Окуу планындагы кыргыз адабияты окуу предметине арналып даярдалган. Ал КР БИМдин жаңы муундагы окуу китептерин жазуу боюнча жарыяланган конкурсуна жараша жазылган. Негизинен, адабият сабагындагы окуучулардын адабий билимин арттырууга, эстетикалык табитин канааттандырууга, кебин өстүрүүгө, сүйлөө маданиятын калыптандырып, окурмандык ишмердигин өнүктүрүүгө багытталган идеяларды камтыйт.

Кол жазма Кыргыз билим берүү академиясы тарабынан түзүлүп, жаңы стандартка жараша иштелип чыккан Кыргыз адабаиятынын өркүндөтүлгөн окуу программасынын материалдарын толук камтыйт. Стандарттагы жалпы түйүндүү жана предметтик компетенциялар эске алынган. Методикалык аппараты дал ошол предметтик компетенцияларды эске алган изилдөөчү, проблемалык ой жүгүртүү методдорго таянуу менен түзүлүп, жогоруда айтылып өткөн методикалык бүткүл иш-аракеттер өзөк мазмунду ишке ашырууга кызмат кылган.

Дагы бир айтар сөз-окуу материалдарын бир кылка окуп –түшүнүү менен чектебей, деңгээлдеп түшүнүү, чыгармачылык менен түшүнүү сыяктуу аракеттер абдан көп.

Чыгармалардын авторлору тууралуу кыскача маалымат, тексттердин урунттуу, мазмундуу үзүндүлөрү, кыскача комментарийлер, тексттеги түшүнүүгө оор сөздөрдүн түшүндүрмө сөздүктөрү, алардагы урунттуу учурларга жараша проблемалык суроо-тапшырмалар, бөлүп-бөлүп окуу механизмдери, тексттеги мазмунга жараша аны тереңдеп талдап үйрөнүүгө карата коюлган макал-лакаптар, сөздүк жумуштары, кино көрүү жана интернеттен издеп толуктап түшүнүү менен маалыматтарды байытуу ж.б. методикалык ыкмалары китепте эң жакшы колдонулган.

**2. Методикалык колдонмо.** Ал жалпы билим берүүчү кыргыз орто мектептеринин 5-класстары үчүн Кыргыз адабияты окуу китебине методикалык көрсөтмө катары жазылгандыгы көрсөтүлгөн.

Бул кол жазма аталган окуу китепке методикалык көрсөтмө, мугалимдер үчүн методикалык колдонмо катары даярдалгандыктан, окуу планындагы каралган предметке сөзсүз тиешеси бар. Ал колдонмонун мазмунунан көрүнүп турат. Колдонмодо адабият сабагынын таанытуучулук, тарбиялык жана үйрөтүүчүлүк маани-маңызы ачылуу менен, окуу планындагы сааттарга ылайык келет.

Кол жазмада кыргыз адабияты сабагынын жаш муундарга таалим-тарбия берүүчүлүк маани-маңызы ачылган, сабактын натыйжалуулугун арттырууга салым кошор кыйла артыкчылыктары бар.

Мисалы: 1) адабиятка бүгүнкү күндүн көзү менен карап, глобалдашуу мезгилинде балалыктын баёо дүйнөсүнүн тазалыгын техникалык урбанизациянын кезинде сабакты адабият менен гумандаштыруу аркылуу сактап калууга, аларга туура тарбия берип, рухсуздуктан коргоп калууга адабияттын кызматын, ал үчүн андагы үлгү карман менен тикеден –тике рухий диалогго алып келүү маселелери, анын үлгүлөрүндө тарбиялоонун жолдору, ыкмалары, практикада колдонулушу сөз болот. Үлгү сабактардын иштелмелери буга далил. Мисалы, А.Осмоновдун бир нече чыгармасынын, Ч.Айтматовдун аңгемесинин иштелмелери ж.б.

Методикалык колдонмодо адабиятты окутуунун маани-маңызы, аны окутуу боюнча алдыңкы тажрыйбалар жана улуу педагогдор менен методисттердин көз караштары, сунуш кылган ыкмалары камтылган. Кыргыз дидактарынын педагогикалык-методикалык көз ойлору да мисалга тартылган. Мунун өзү-мугалимдердин методика илими боюнча теориялык билимин арттырууга көмөкчү болот.

Экинчиден, кол жазма 5-класстын окуу китебинин жалпы мазмунун чагылдырылган,

Үчүнчүдөн, адабий текстти кантип өздөштүрүү багыттары, сөздүк менен иштөө, тексттеги түшүнбөгөн жаңы сөздөрдүн сөздүктөрү, айрым эпизоддорго жараша макал-лакаптарды кантип чечмелөө керектиги, ж.б. иштер сунушталган;

Төртүнчүдөн, тексттердин мазмунуна, андагы ички проблемеларга жараша бөлүктөргө бөлүп окуу ыкмасы, анын жолдору мисалдар менен көрсөтүлгөн;

Бешинчиден, адабий-теориялык материалдар менен кантип иштөө, терминдерди чечмелеп түшүнүү, аны адабий тексттин өзү менен бирге иш алып баруу ыкмалары берилген.

Методикалык бул колдонмо, негизинен, окуу китепке ылайык, аны менен кантип иштөө жолдору көрсөтүлгөн, мугалимдерге абдан керектүү жана пайдалуу кол мазма. Бул жаңы, учурда абдан баалуу жана керектүү эмгек.

Бул китепти практик-мугалимдер окумуштуулар менен чогуу жазышкан.

**Б.Рыспаева:** Тапшырмалар дифференциалдуу берилгенби же бардыгына бирдей тапшырмалар берилгенби?

**С.Рысбаев:** Блумдун таксономиясынын ар бир тепкичине экиден тапшырма даярдалган.

**К.Добаев:** Блумдун таксономиясы литературага кандай типешеси бар? Ал жерде 6 тепкич бар. Мага көрсөтүп бергиле, кайсы жерде колдонсо болот?

**С.Рысбаев:** Мазмунду түшүнүү, талдап жакшы билүүсү, анан билген материалын колдонуусу.

**С.Байгазиев:** Кол жазманы бекитүүгө ким макул? Каршы? Калыс? Макул – 12, каршы – 0, калыс – 1.

Добуш берүүдө Окумуштуулар кеңешинин отурумга катышкан 12 мүчөсү кол жазманы жактырып колдошту, каршы – жок, калыс – 1.

Жогорудагыларды угуу менен талкуулоо жана добуш берүүнүн жыйынтыгында **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

**1.**Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 5-класс үчүн Кыргыз адабияты. хрестоматия окуу китебинин (авт.: Муратов А.Ж., Асакеева Р.А., Кыдырбаева Б.А.) жана мугалимдер үчүн методикалык колдонмонун (түзг. Муратов А.Ж.) кол жазмалары жактырылсын жана мектептерге апробацияга сунушталсын.

**4.8. Кыргыз адабияты. Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 6-класс үчүн хрестоматия окуу китеби (авт.: Муратов А.Ж., Абдухамидова Б.А., Акматов К.) жана мугалимдер үчүн методикалык колдонмо (түзг. Муратов А.Ж.).**

**Угулду:** Мамлекеттик, расмий жана чет тилдер лабораториясынын башчысы,п.и.д. проф. С.Рысбаев окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 6-класстын Кыргыз адабиятынан хрестоматия окуу китеби (авт.: Муратов А.Ж., Абдухамидова Б.А., Акматов К.) боюнча маалымат берди.

Кол жазманын статусу так аныкталган, т.а кол жазма кыргыз орто мектептеринин 6-класстарынын Кыргыз адабияты окуу китеп-хрестоматиясынын кол жазмасы болуп саналат.

Кыскача аннотациясы бар. Кол жазманын киришүү бөлүмүндө китептин статусу дагы да тереңдетилип түшүндүрүлгөн жана предметтин маани-маңызы, ролу, анын ичинде көркөм сөздүн адам турмушундагы максат-милдеттери кенен айтылган.

Кол жазма 6-класстын окуу китеп-хрестоматиясы болгондуктан, ал мектептин окуу планындагы предметке түздөн-түз тиешеси бар. Ал окуу планындагы бөлүнгөн саатка ылайык түзүлүү менен, жаңы стандартка жаңы окуу программасына шайкеш келет.

Китептин статусу айтып тургандай, анда программалык окуу материалдары хрестоматия түрүндө жайгаштырылган да, суроо-тапшырмалары коюлуп, талдап –үйрөнүү жолдору көрсөтүлгөн. Ал китептин методикалык аппаратында даана байкалат.

Программалык материалдар сааттарына жараша ылганып, алардын урунттуу үзүндүлөрү алынган. Тексттердден артында окуучулар түшүнбөгөн сөздөрдүн түшүндүрмө сөздүгү түзүлип берилген.

Текстке жараша логикалуу суроо-тапшырмалар коюлган. Авторлор суроо-тапшырмаларды коюуда Блумдун таксономиясын эске алышкан, т.а. билим, түшүнүү, талдоо, жыйынтыктоо, колдонуу жана баа берүү сыяктуу этаптардагы суроо-тапшырмалар абдан туура ойлонулган. Мунун өзү адабий чыгарманы сюжеттик негизде гана мазмунун кайра сүйлөп берүү эмес, окуучунун чыгарманын мазмунун билүүсү, аны түшүнүүсү, түшүнгөнүн талдап билүүсү, андан ары жыйынтыктай алуусу, аларды турмушунда колдоно билүүсү жана чыгармага жекече баа бере алуусу-сыяктуу эттаптарды катыйт.

Бул ыкма авторлордун методикалык табылгалары катары баалануууга тийиш, анткени мындан мурдагы адабият окуу китептеринен айырмаланып, мындай ыкмалар алгач ирет практикаланып отурганын белгилеп айтууга болот.

Китептин кол жазмасы, негизинен, программага киргизилген темалардан түзүлгөн. Анда элдик оозеки адабий үлгүлөр, адабий жомоктор жана профессионал жазма адабиятыбыздын өкүлдөрүнүн чыгармаларын камтып турат. Китепке мына ошол адабий үлгүлөр бөлүнгөн саатарына жараша тандалып, айрымдары толук, айрымдары урунттуу учурларынын үзүндүлөрү киргизилген.

Методикалык аппараты: адабий чыгармалары окуп-үйрөнүү, ырларды көркөм окуу, окуу жана түшүнүү, Блумдун таксономиясы боюнча талдап түшүнүү, түшүнүксүз сөздөрдүн маанилерин сөздүктөн табуу, аларды тексттеги ордуна жараша түшүнүү менен оюн толуктап тактоо, соңунда бир жыйынтыкка келүү –сыяктуу технологиялардын эске алынганы менен өзүнөн мурунку методикалык эмгектерде кескин айырмаланып турат.

«Кыргыз адабияты» 6-класс үчүн аттуу хрестоматия-окуу китебинин методикалык көрсөтмөсүн кол жазмасын бекитүү жөнүндө.

**Угулду:** Мамлекеттик, расмий жана чет тилдер лабораториясынын башчысы,п.и.д. проф. С.Рысбаев **6-класстын Кыргыз адабиятынан хрестоматия окуу китебине жазылган мугалимдер үчүн методикалык колдонмо (түзг. Муратов А.Ж.)** тууралуутөмөнкүлөрдү билдирди.

Аталган методикалык колдонмонун статусу так аныкталган, т.а. кол жазма кыргыз орто мектептеринин 6-класстарынын «Кыргыз адабияты» окуу китеп-хрестоматиясынына методикалык көрсөтмө катары мугалимдерге жазылган.

Ал кыргыз орто мектептердин 6-класстын «Кыргыз адабияты» окуу китеп-хрестоматиясына методикалык колдонмо болгондуктан, ал, албетте, мектептин окуу планында көрсөтүлгөн окуу предметине тиешеси бар. Ошондуктан, ал окуу сааттарына, окуу программанын талаптарына жараша түзүлгөнүн белгилөөгө болот.

Бул методикалык колдонмонун биринчи ирет түзүлүп отургандыгын белгилөө керек, анткени ушул күнгө чейин мектептин Кыргыз адабияты окуу китептерине, айрыкча, 5-11-класстар үчүн бир дагы методикалык колдонмолор атайын арналып түзүлгөн эмес.

Колдонмодо адабияттын адам турмушундагы ролу тууралуу маалымат тереңдетилүү менен, окуучунун адабий-эстетикалык билимин өркүндөтүү, логикалык ой жүгүртүүсүн өстүрүү, анын таанытуучулук, тарбия берүүчүлүк ролун түшүндүрүү, адабият аркылуу балдардын рухий дүйнөсүн калыптандыруу идеялары көңүлгө алынган.

Колдонмону түзүүдө бир катар алгылыктуу технологиялар жетекчиликке алынган, т.а. адагенде, тексттин жанрын талдап билүү, окутууну ишмердүүлүк багытында уюштуруу, окуучунун логикалык ой жүгүртүүсүн өстүрүү, сыйчыл ойломун өнүктүрүү, тил сабагы менен өз ара байланыштыруу, сөздөрдүн маанисин чечмелөө, ж.б.

Колдонмодо сабактын түрдүү салтуу жана салттуу эмес ыкмалары боюнча мугалимдерге үлгүлөр сунушталган, окуучуга билим берүү, алган билимин өнүктүрүү, тарбия берүү багыттарында иштөөнүн жолдору, текст талдоо ыкмалары көрсөтүлгөн.

Колдонмодо окуу китепте берилген программалык материалдардын орчундуу бөлүгү боюнча иштөөнүн методикалык проблемалары, сабактардын иштелмелери үлгү катары сунушталган жана проблемалуу суроо-тапшырмалар, изилдөө методу боюнча иштөө ыкмалары, тексттерди логикалык бөлүктөргө бөлүп окутуу технологиялары, окуучунун практикалык-теориялык компетенттүүлүктөрү, алардын мүнөздөмөлөрү орун алган, окуучунун адабий чыгармачылык ишмердигин өстүрүүгө артыкча маани берилген. ж.б. орун алгын. Колдонмодо мектеп мугалимдерине 6-класста кыргыз адабиятын талаптагыдай окутууга карата керектүү зарыл жол-жоболор камтылган белгилешти.

Жыйынтыгында лабораториянын илимий кызматкерлери суроо-жооп иретинде талкуу жүргүзүшүп, бир добуштан колдоого алышты.

Берилген маалыматты угуп Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү талкууга өтүштү. Талкууга С.Байгазиев, К.Добаев, С.Рысбаевдер катышып өз пикирлерин айтышты. Добуш берүүдө Окумуштуулар кеңешинин отурумга катышкан 12 мүчөсү кол жазманы жактырып колдошту, каршы – жок, калыс – 1.

Жогорудагыларды угуу менен талкуулоо жана добуш берүүнүн жыйынтыгында **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

**1.**Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 6-класс үчүн Кыргыз адабиятынан хрестоматия окуу китебинин (авт.: Муратов А.Ж., Абдухамидова Б.А., Акматов К.) жана мугалимдер үчүн методикалык колдонмонун (түзг. Муратов А.Ж.) кол жазмалары жактырылсын жана апробацияга сунушталсын.

**4. Об утверждении рукописей учебников и методических пособий для учителей, разработанных на основе новых предметных стандартов и учебных программ.**

**4.9. Русский язык. Учебник для 5 класса школ с кыргызским языком обучения и методическое руководство для учителей (авт.: Задорожная Н.П., Таирова Г.К.).**

**Слушали:** заведующего лабораторией государственного, официального и иностранных языков проф. С.Рысбаева, который представил следующую информацию.

Обсуждение учебника проведено на заседании лаборатории с участием сотрудников лаборатории и рецензентов: с.н.с. А.Ниязовой, учителей русского языка школы-гимназии №5 Н.Мамырбаевой, Н.Бармановой.

Учебник Русский язык для 5 класса школ с кыргызским языком обучения подготовлен авторами на основании Предметного стандарта по русскому языку для школ с кыргызским, таджикским, узбекским языками обучения для 5-9, 10-11 классов, в котором отражены условия функционирования русского языка в Кыргызстане.

Анализ структуры учебника, способы представления речевого и грамматического материала, системы заданий и упражнений, выбранных методов обучения русскому языку показывает, что учебник в целом соответствует стандарту и требованиям программы по русскому языку для школ с кыргызским языком обучения.

Реализация коммуникативно-деятельностного подхода, обозначенного в стандарте, авторами учебника осуществляется через речевые упражнения, задания на понимание, пересказ прочитанного текста, ответы на вопросы, составление предложений, восстановление текста, которые последовательно способствуют развитию монологической и диалогической речи, формированию коммуникативной компетенции. Основной единицей обучения русской речи выступает текст как основной ресурс формирования речевых и языковых компетенций.

Содержание учебника соответствует возрастным и психологическим особенностям учащихся 5-х классов: оптимально подобран и скомпонован учебный материал, соблюдена системность организации учебного материала.

В учебнике присутствует методически оправданный справочный материал, который включает теоретический материал, поурочный лексический материал с переводом с русского языка на кыргызский, слова для повторения после каждого урока.

В учебнике на каждом уроке введена активная лексика в начале урока с переводом на кыргызский язык и с дальнейшим закреплением через практические упражнения по лексике. Пассивная лексика дается в заданиях на чтение и упражнениях, что способствует регулярному повторению и прочному усвоению слов, которые могут быть использованы при необходимости. Выбранная методика соответствует методике преподавания русского языка как второго языка. В конце учебника дан список слов для активного усвоения, включающий 400 слов. Лексический минимум в 5 классе составляет 500слов (400 – активного усвоения, 100 – пассивного усвоения).

В целом учебник подготовлен на хорошем методическом уровне.

Аппарат ориентировки в учебнике (условные обозначения, заголовки)помогает учащимся понять внутреннюю структуру учебника, содержание и построение учебного материала, позволяет ориентироваться в содержании учебника в целом, найти нужные слова или сведения.

Методическое пособие для учителейопределяет общую стратегию обучения русскому языку как второму, соответствует Предметному стандарту по русскому языку для школ с кыргызским, таджикским, узбекским языками обучения для 5-9-х классов. Пособие содержит рекомендации по решению поставленных задач по изучению русского языка как второго. В пособии указывается, что должно быть главным при усвоении тематических разделов курса русского языка в 5 классе, какие вопросы требую сконцентрированного внимания учителя. Подробно даны разъяснения по работе с рубриками, выполнению заданий, направленных на формирование предметных компетенций по русскому языку.

Вместе с тем, имеются определенные замечания, которые необходимо исправить:

**1.** В аннотации указано, что это учебник «русского языка как второго (неродного)», также далее в содержании учебника русский язык преподносится как второй. Рекомендуется не использовать термин «русский язык как второй», вместо этого использовать традиционную формулировку «русский язык для школ с кыргызским языком обучения». Методический термин «русский язык как второй» использовать в специальной методической литературе.

**2.** Тексты, представленные в учебнике, требуют доработки в плане исключения

устаревших текстов времен Советского Союза (например, стр. 53 - зад.3, стр. 66 – зад.5). Присутствуют некорректные тексты (например, стр. 75 – зад.6).

**3.** Иллюстрации и рисунки к учебнику также требуют серьезной доработки в связи с их отсутствием и доработкой имеющихся.

**4.** В учебнике имеются орфографические ошибки, ошибки перевода с русского на кыргызский язык.

**5.** Мало текстов и упражнений, связанных с переводом с кыргызского языка на русский

как прозаических, так и стихотворных текстов, отражающих национальные особенности кыргызского народа.

Все подробные замечания переданы авторам учебника и редактору издательства.

**Выводы и рекомендации:**

1. Учебник Русский язык для 5 класса школ с кыргызским языком обучения (авт. Задорожная И.П., Таирова З.К.) подготовлен в соответствии с Предметным стандартом и Программой по русскому языку для школ с кыргызским, таджикским, узбекским языками обучения для 5-9-х классов.
2. Учебник рекомендуется для апробации в пилотных школах с устранением вышеуказанных замечаний.

**К.Добаев:** Этот учебник рассматривали на координационном совете 2-3 недели назад. Главная претензия была – трудность восприятия материала в сельских школах, данный учебник хорош для городских школ. Это не Советский Союз, когда все школы обучали одинаково. Из всех представленных учебников этот учебник был лучший.

**А.Ниязова:** Дело в том, что координационный совет прислал оценочные листы экспертов, и в них не было таких замечаний. У нас есть предметный стандарт, в котором заложены определенные требования. Стандарт требует именно такого подхода для создания учебника. Если упрощать материал дальше и дальше, мы не выполним стандарт. На каждом уроке вводится 6-7 новых слов, это не так уж много. Не 1-2 новых слова же изучать на уроке. Структура учебника позволяет вернуться к повторению слов, текстов.

**Н.Задорожная:** Сейчас ездят по регионам, посещают уроки, изучают, как работает учебник русского языка для 4 класса на уроке. Ребята осваивают хорошо то, что представлено в учебнике. Хороший случай для Кыргызстана, что авторы учебников 4 класса взялись писать учебник для 5 класса, мы стремились провести преемственность между 4 и 5 классом. Мы исходили из того, что задано в стандарте. Это тот уровень, который заявляется Кыргызстаном, что мы подведем детей к данному стандарту. Учебник помогает учителю с традиционного обучения к коммуникативному.

**К.Добаев:** Мы же не говорим, что учебник не годится. Мы говорим, что отдельные упражнения тяжелые.

**Н.Задорожная:** Если надо, упростим.

С.Рысбаев: Биз китепти айылдык мектептерге бир китеп, шаардагы мектептерге бир китеп

**А.Токтомаметов:** Это новый учебник или доработанный?Это новый учебник

**А.Ниязова:**Это новый учебник. Согласно предметному стандарту совершенно изменился подход к организации учебного процесса. От того, чтобы ребенок знал грамматику, мы переходим к тому, чтобы он говорил. Чтение и письмо у нас было всегда, до аудирования учитель не всегда доходил. По новому учебнику на каждом уроке присутствует аудирование, чтение, говорение, письмо. Скомпонованность всех направлений, применение коммуникативно-деятельностного подхода, требующего речевых интенций от ученика, - все это способствует тому, что учебник достигает своей цели.

**С.Рысбаев:** №5-мектептин мугалимдеринин пикирлери кели түшкөн. Алардын рецензияларында дагы сунуштары көрсөтүлгөн.

**С.Байгазиев:**Все едины во мнении о качестве учебника. Вопрос в текстах, которые иллюстрируют грамматические категории. Трудные тексты учитель может популярно

объяснить учащимся. Многое зависит от учителя. Но если есть слишком сложные тексты, необходимо упростить. Кто за утверждение данного учебника прошу проголосовать. Кто за? Против? Воздержался?

По итогам голосования 13 членов ученого совета из 17-ти, присутствующих на заседании, проголосовали за утверждение рукописи учебника и методического пособия. Против, воздержавшихся нет.

На основании вышеизложенного ученый совет постановляет:

1. Учебник Русский язык для 5 класса школ с кыргызским языком обучения и методическое пособие для учителей (авт. Задорожная И.П., Таирова З.К.) одобрить и рекомендовать для апробации в пилотных школах.
2. Ответственность за устранение указанных замечаний возложить на авторов учебника и издательство.

**4.10. Русский язык. Учебник для 6 класса школ с кыргызским языком обучения и методическое руководство для учителей (авт.: Задорожная Н.П., Таирова Г.К.).**

Заслушав представление С.Рысбаева, зав. лаборатории государственного, официального и иностранного языков о рукописи учебника «Русский язык. 6 класс» для школ с кыргызским языком обучения/авт. Н.П. Задорожная, Г.К. Таирова, прошедшей конкурсный отбор в МОиН КР, Ученым советом КАО было отмечено, что рукопись была составлена в соответствии с Государственным образовательным стандартом среднего общего образования КР (2014 г.), предметным стандартом для 5-11 классов (2015 г.) и учебной программой для 5-9 классов (2016 г.).

В процессе рецензирования были сделаны следующие замечания:

1. *В рукописи отсутствует введение,* где должны были определены цели, задачи и основные направления содержания учебника.

2. *Структура рукописи методического пособия.* Структура учебника распределена по урокам и четвертям, поэтому рекомендуется придерживаться требований написания учебника и структурировать его по содержательным линиям по главам и темам параграфов.

3. *В рукописи учебника имеются ошибки стилистического, грамматического, технического характера:*

– *(стр. 16, 58, 60, 62)*Заменить в текстах название улицы–вместо Советская на Абдрахманова, а город Пржевальск – на Каракол, так как они давно изменены.

– *(почти по всем страницам).*Отсутствуют рисунки в рамках и текстах. То же самое касается перевода слов с русского на кыргызский языки в словарях в текстах.

– (стр. 39).Заменить рисунок дошкольника на мальчика более старшего возраста.

– *(стр. 41).*Заменить в диалоге 5 класс на 6 и соответственно возраст с 11 на 12 лет.

– *(стр. 48).*Заменить встречающие часто по тексту слово «товарищ» на «друга» или «одноклассника».

– *(стр. 52).* Заменить рисунок летней Москвы на зимнюю в соответствии с текстом.

– *(стр. 74).* заменить предмет «ботаники» на предмет «биологии», так как пишется в учебнике.

***(по текстам в учебнике)***. Разнообразить имена учащихся, т.к. повторяются одни и те же имена (Анара, Бакыт, Леша).

*(7 страниц).* В словаре в конце рукописи отсутствует порядка 80% перевода лексических слов на кыргызский язык.

В процессе рецензирования замечания были поправлены, рассмотрены на заседании лаборатории.

**Е.Син:** Если учебник не готов для апробации, необходимо доработать.
**А.Токтомаметов:** Как я понял, на всех уроках поставлены цели. Для учителя или для ученика?
**Н.Задорожная:** В учебнике ставятся цели для ученика, в методическом пособии – для учителя.
**Е.Син:** Цели синхронизируются?
**Н.Задорожная:** Естественно, синхронизируются.
**А.Токтомаметов:** Где фиксируются цели для ученика?
**Н.Задорожная:**После темы урока: вы научитесь, вы узнаете. Ставятся 3 цели, потом идет работа.
**К.Добаев:** Есть монография Рожковой «Практическая грамматика для иностранцев». У вас тоже есть, но я не заметил отточенности.
**Н.Задорожная:** Мы пользовались пособием Акишиной. В любом случае мы пытались реализовать функциональный подход к подаче теоретического материала.
**А.Токтомаметов:** В методическом пособии надо обязательно дать примечание, что учителя имеют право дополнить, изменить.
**Н.Задорожная:** В методическом пособии это есть.
**А.Токтомаметов:** Менин сунушум
**А.Ниязова:** Валентина Андреевна (Гребенюк В.А., редактор издательства «Аркус»), просят вас выступить как гаранта исправления всех замечаний в течение недели. После исправления нужно показать экспертам, только после этого мы можем выдать решения Ученого совета.

По итогам голосования 13 членов ученого совета из 17-ти, присутствующих на заседании, проголосовали за утверждение рукописи учебника и методического пособия. Против, воздержавшихся нет.

На основании вышеизложенного **Ученый совет постановляет:**

3. Учебник Русский язык для 6 класса школ с кыргызским языком обучения и методическое пособие для учителей (авт. Задорожная И.П., Таирова З.К.) одобрить и рекомендовать для апробации в пилотных школах.
4. Ответственность за устранение указанных замечаний возложить на авторов учебника и издательство.

5. **Кол жазмаларды бекитүү жөнүндө.**

**5.1. Жалпы билим берүүчү мектептердин 8-9-класстар үчүн химияны тереңдетип окутуу Программасы (авт. Рыспаева Б.).**

**Угулду:** Мектепке чейинки жана мектептик билим берүү борборунун директору, п.и.д. Е.Син төмөнкүлөрдү билдирди.

Бул программа Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы №403 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында жалпы орто билимдин мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде, Кыргыз Республикасынын Жалпы билим берүүчү уюмдарында химиялык билим берүүнүн предметтик стандартын жетекчиликке алуу менен иштелип чыккан. Бул программага базалык билим берүү программасынын мазмуну толугу менен тереңдетилип компетенттүүлүккө негизделген материалдар киргизилген.Бул программада окуу материалдар мазмунду тандоонун талаптарына, критерийлерине ылайык иштелип чыккан.

Окумуштуулар кеңешинин отурумундада катышкан мүчөлөр кол жазманы талкууга алышты. Талкууга С.Байгазиев, А.Токтомаметов, Б.Рыспавеа, Е.Синдер катышты. Добуш берүүдө Окумуштуулар кеңешинин отурумга катышкан 13 мүчөсү программаны бир добуштан колдошту. Каршы – 0, калыс – 0.

Жыйынтыгында талкуунун жана добуш берүүнүн негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**
1. Жалпы билим берүүчү мектептердин 8-9-класстар үчүн химияны тереңдетип окутуу Программасы (авт. Рыспаева Б.) жактырылсын жана Билим берүү жана илим министрлигине басууга сунушталсын.

**5.2. Кыргыз тили. Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 7-классы үчүн окуу китебинин кол жазмасы (авт.: Сапарбаев А., Абдесов Н.).**
**Угулду:** Мамлекеттик, расмий жана чет тилдер лабораториясынын башчысы,п.и.д. профессор лаборатория башчысы С.Рысбаев маселе боюнча төмөнкүлөрдү билдирди.
Китеп бир катар жылдардан бери окуутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептеринин 7-класстарында окуу китеп катары пайдаланылып келет. Окуу китебинин мазмунундагы материалдарды кайра башынан коммуникативдик компетенттүүлүктүн негизги талаптарына ылайык кыскартып, иштеп чыгуу аркылуу натыйжалуулугун арттырса болот.

Кеп маданиятын өркүндөтүү багытындагы кошумча окуу материалдары окуу китебине түзүлүп киргизилген. Окуу материалдары окутуунун принциптерине, методдоруна жараша жайгаштырылып, базалык окуу материалдары кайсы тематикага тиешелүү экендиги көргөзүлгөн. Негизинен окуу материалынын төмөнкү он тематикасына ылайыкташтырылган: 1.Тактоочтор,115-бет. 2.Тууранды сөздөр,134-бет. 3.Сырдык сөздөр 151-бет. 4. Атоочтуктар 178-бет. 5.Чакчылдар 192-бет. 6.Кыймыл атооч 203-бет. 7.Жандоочтор 214-бет. 8.Байламталар 230-бет. 9.Бөлүкчөлөр, 243-бет. 10.Модалдык сөздөр 252-бет болуп берилген.

Автор мурдагы сын пикирлерди эске алып, окуу китебинин мазмунундагы материалдарды окуу процессинин натыйжалуулугун арттыруу максатында кайра башынан коммуникативдик компетентүүлүктүн негизги талаптарына карата теориялык материалдарды, аларды коштогон көнүгүүлөрдү кыскартып, иштеп чыккан.

Берилген маалыматты угуп Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү талкууга өтүштү. Талкууга С.Байгазиев, С.Рысбаев, А.Токтомаметовдор катышты. Талкуудан кийин добуш берүүдө отурумга катышкан Окумуштуулар кеңешинин 13 мүчөсү кол жазманы бир добуштан жактырып колдошту. Каршы, калыс болгон жок.

Жогорудагыларды угуу менен талкуулоо жана добуш берүүнүн жыйынтыгында **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**
1. Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 7-классы үчүн Кыргыз тили окуу китебинин кол жазмасы (авт.: Сапарбаев А., Абдесов Н.) толуктоолор менен жактырылсын жана орто мектептерде колдонуу үчүн басууга сунушталсын.

**5.3. Мектепте ат атоочту окутуу. Мугалимдер үчүн методикалык колдонмонун кол жазмасын (түзг. Мурзалиева З.К.) бекитүү жөнүндө.**
**Угулду:** Мамлекеттик, расмий жана чет тилдер лабораториясынын башчысы,п.и.д. профессор лаборатория башчысы С.К.Рысбаев маселе боюнча маалымат берди.
Кол жазма ат атоочтор тууралуу маалымат берүү менен катар, аларды окуучунун сөз байлыгын, кебин өстүрүү, көркөм, образдуу сүйлөөсүн калыптандырып өркүндөтүү кыргыз тилин окутуу методикасындагы бирден-бир зарыл маселелердин бири деп айтууга толук негиз бар. Ат атточту окутуп-үйрөтүүнүн негизги мазмунун жалаң лингвистикалык илимий түшүнүктөр менен окуучулардын жан - дүйнөсүнө, акыл-эсине шыкабастан, ат атоочтордун принциптеринин кептеги ордун табуу менен, практикалык негизде окутуу, окуучулардын кеп ишмердүүлүктөрүндө кеңири колдонулат.

Ушул өңүттөн алып караганда, орто мектептерде ат атоочту окутуунун принциптери жана методдорун окутуунун методикасын өзү актуалдуу экендигин далилдейт.

Ат атточ сөздөрдү окутууда кыргыз тили сабактарында кеңири тарап, салтту метод катары таанылган көнүгүүлөрдү колдонууну сунушталган машыгуу иштери сабактарда кеңири колдоноруна мисалдар аркылуу берилген.

Автор окуу китепти даярдоодо окутуунун бүгүнкү күндөгү жаңы технологияларын пайдаланган. Колдонмодо окуучунун грамматикалык көндүмдөрүн бекемдөө менен бирге сөзүн, сөз маданиятын, байланыштуу кебин өстүрөрлүк көнүгүүлөр системасы талапка ылайык берилген.

Берилген маалыматты угуу менен талкуулоо жана добуш берүүнүн жыйынтыгында **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

**1.**“Мектепте ат атоочту окутуу” аттуу мугалимдер үчүн методикалык колдонмонун кол жазмасы (түзг. Мурзалиева З.К.) жактырылсын жана басууга сунушталсын.

5.4. **Корей эл жомоктору (башталгыч класстарда класстан тышкаркы окуу үчүн):**

2) Чоңойткуч оорукана; 2) Мүнүшкөр; 3) Кечир, Пиппи; 4) Ташбака агайдын табият таануу сабагы – 1; 5) Ташбака агайдын табият таануу сабагы – 2; 6) Улуу көч айбанаттардын чоң күрөшү; 7) Мен математиканы абдан жек көрөм – 1; 8) Мен математиканы абдан жек көрөм – 2; 9) Кисониянын сүйүүсү; 10) Тынчтыкты сүйгөн окумуштуу тууралуу аңгеме.

**Угулду:** Мамлекеттик, расмий жана чет тилдер лабораториясынын башчысы, п.и.д. профессор С.Рысбаев маселе боюнча буларды билдирди.

Кызыктуу корей эл жомокторун “Бирге окуйлу” сериясынан 10 корей эл жомогу эксперттерге берилип кол жазмалар окулуп чыгып лабораторияда каралды.

1. **“Кечир, Пипи”** Автору Корей жазуучусу Ли Жу Ёң. Кыргыз тилине З.Темирова тарабынан которулган. Бул колжазмадагы чыгармаларда адам менен жан-жаныбарлардын мамилеси, аларга боорукерлик, мээримдүүлүк менен мамиле кылуу, жашоосу үчүн шарт түзүү жана коргоо маанисиндеги окуялар баяндалат. Пикир жазган п.и.к., доцент Б.Абдухамидова.
2. **“Чоңойткуч оорукана”**Автору Уон Юсун, Соң Жэчан, Ли Саң Кё, И Жу Ёң. Кыргыз тилине Ж.Сманова тарабынан которулган. Эл-жер таануу, жан жаныбарлар, алардын жашоосун билүүгө арналган чыгармалар окурмандарды кайдигер калтырбайт.Пикир жазган п.и.к., доцент Б.Абдухамидова.
3. **“Тынчтыкты сүйгөн окумуштуу тууралуу аңгеме”**Автору Ли Ин А. Кыргыз тилине Б.Жусупова тарабынан которулган.Кол жазмадагы аңгемелер балдарды эрктүүлүккө,өжөрлүккө, эмгекчилдикке, боорукерликке тагдыры менен адам тагдырынын байланыштуулугун билдирүүгө, табият менен таттуу мамиледе болууга үндөйт.Пикир жазган п.и.к., доцент Б.Абдухамидова.
4. **“Таш бака агайдын табият таануу сабагы 1”** Автору Квон Сужин, Ким Сонхуа.Кыргыз тилине Ж.Сманова тарабынан которулган.Жомоктор балдардын айлана-чөйрөнү таанып-билүүсүн өнүктүрүү, табият менен карым- катнашта болуу, жаратылыштын түрдүү кубулуштарына, айрым заттардын келип чыгышын байкоого кызыктыруу максаттарын көздөйт.Пикир жазган п.и.к., доцент Б.Абдухамидова.
5. **“Таш бака агайдын табият таануу сабагы 2”** Автору Квон Сужин, Ким Сонхуа.Кыргыз тилине Ж.Сманова тарабынан которулган. Жомок бир нече бөлүмдөн турат. Ар бир бөлүмдүн астында чакан жомоктор берилген. Жомоктор балдардын айлдана-чөйрөнү таанып-билүүсүн өнүктүрүү, табият менен карым-катнашта болуу, анын түрдүү кубулуштарына кызыктыруу максаттарын көздөйт.Пикир жазган п.и.к., доцент Б.Абдухамидова.
6. **“ Улуу көч, айбанаттардын чоң күрөшү”**Автору Жон Сын Вон. Кыргыз тилине Г.Надырбекова тарабынан которулган.Бул чыграмда жан-жаныбардалрдын жашоосу, алардын жашоо үчүн болгон күрөшү баяндалат. Пикир жазган п.и.к., доцент Б.Абдухамидова.

7. **“Кисониянын сүйүүсү”**Автору: Юн Те Кю, Ли Кён Хе, Лим Жон Жин, Ким Сожоң.Кыргыз тилинеЗ.Темирова тарабынан которулган. Бул кол жазмадагы чыгармаларда бак-дарактардын,жан жаныбарлардын жашоосу, алардын бири-бирине болгон камкордугу, жашоо үчүн болгон күрөшү баяндалат.Пикир жазган п.и.к., доцент Б.Абдухамидова.

8. **“Мүнүшкөр”.** Бул жомоктор жыйнагында жомоктор жөнөкөй, кызыктуу тил менен жазылган. Ар кандай балдарга кызыктуу учурлар тууралуу баяндалат. Пикир жазган п.и.к. А.Токтомамбетов.

9. **“Мен математиканы абдан жек көрөм 1, 2”.** Автору: Ли Гуанг Ён тарабынан даярдалып, аны К.Ильязова которуп даярдаган. Проблема “математиканы жек көрүү, математикасыз жашоо” деп каралып, чындыгында математикасыз жашоо болбойт, адам баласы эле эмес, жандуу жаратылыш да математиканын принциби менен жашайт деген ой менен жыйынтыкталат. Пикир жазган илимий кызматкер Ч.Аттокурова.

Корей эл жоктор жыйнагы кенже жаштагы балдарга эл турмушун үйрөтүп, табиятты таанытып, ой жүгүртүүсүн өстүрүүгө үндөө менен, эл достугун чыңдоого кызмат кылуу максатын көздөп түзүлгөн.

Корей эл жомоктору рецензенттер тарабынан айрым сын-пикирлер айтылуу менен, атайын редакторлор дайындалып, басмага даярдалды.

Берилген маалыматты угуп Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү талкууга өттү. Талкууга С.Байгазиев, С.Рысбаев, А.Токтомаметовдор катышып, өз пикирлерин айтышты.Добуш берүүдө отурумга катышкан Окумуштуулар кеңешинин 13 мүчөсү кол жазмалардыбир добуштан колдошту. Каршы, калыс болгон жок.

Жогорудагыларды угуу менен талкуунун жана добуш берүүнүн жыйынтыгында **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

1. Корей эл жомоктору (башталгыч класстарда класстан тышкаркы окуу үчүн):

«Чоңойткуч оорукана», «Мүнүшкөр», «Кечир, Пиппи», «Ташбака агайдын табият таануу сабагы – 1», «Ташбака агайдын табият таануу сабагы – 2», «Улуу көч айбанаттардын чоң күрөшү»,«Мен математиканы абдан жек көрөм – 1», «Мен математиканы абдан жек көрөм – 2», «Кисониянын сүйүүсү», «Тынчтыкты сүйгөн окумуштуу тууралуу аңгеме» жактырылсын жана басууга сунушталсын.

**5.5. Тарбиянын жакшысы– тагдырдын ачкычы. 8-класстарда иштеген класс жетекчилер үчүн методикалык колдонмо (түзг.: Алымбаева Б.Б., Мансапова Г.М.).**

**Угулду:** Педагогика жана кесиптик билим берүү лабораториясынын башчысы К.Добаевдин билдирүүсү.

“Тарбиянын жакшысы – тагдырдын ачкычы” (түзг.: Алымбаева Б.Б., Мансапова Г.М.) аталыштагы 8-класстын мугалимдери үчүн методикалык колдонмонун көлөмү 70 бет. Бул методикадык колдонмодо 8-класстардын класс жетекчилеринин аткара турган иштери камтылган. Окуучуларды келечекте татыктуу тарбияланган инсан болуп калыптанышына түздөн-түз таасир эткен окуу куралдарынын бири.

Колдонмо тарбиялык иштердин программасынын негизинде чыккан, рецензент катары К.Добаев жана сырткы эксперт болуп №16 орто мектебинин директору М.Сүйөркулова оң пикирлерин жазышкан. Кол жазма лабораторияда талкууланып, жактырылгандыгын, жана Окумуштуулар кеңешине бекитүүгө сунушталгандыгын билдирди.

Берилген маалыматты угуп Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү талкууга өтүштү. Талкууга С.Байгазиев, С.Рысбаев, К.Добаевдер катышты. Талкуудан кийин добуш берүүдө отурумга катышкан Окумуштуулар кеңешинин 13 мүчөсү кол жазманы бир добуштан жактырып колдошту. Каршы, калыс болгон жок.

Жогорудагыларды угуу менен талкуулоо жана добуш берүүнүн жыйынтыгында **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

1. Тарбиянын жакшысы – тагдырдын ачкычы. 8-класстарда иштеген класс жетекчилер үчүн методикалык колдонмо (түзг.: Алымбаева Б.Б., Мансапова Г.М.). жактырылсын жана басууга сунушталсын.

**5.6. Көркөм тексттер менен иштөөнүн негизинде окуучуларга гендердик билим, тарбия берүү. 7-11-класстар үчүн окуу-методикалык колдонмонун кол жазмасы (түзг.: Панасова З, Жусупбекова Н., Оморова А., Чепекова Г.) жөнүндө.**

**Угулду:** Мамлекеттик, расмий жана чет тилдер лабораториясынын башчысы, п.и.д. профессор лаборатория башчысы С.К.Рысбаев маселе боюнча буларды билдирди:

Гендердик билим берүүгө байланышкан кыргыз адабиятына тийешелүү көркөм жанрдагы чыгармалардан, повесттердин, аңгемелердин, жомоктордун үзүндүлөрүнөн, уламыштардан түзүлгөн.

Аталган кол жазмада учурдагы жарык көрүлүп жаткан публицистикалык чыгармалардан да алынып берилип, класстан тышкаркы тарбиялык сааттар боюнча кошумча окуу куралы катары болору белгиленген.

Кыргыз адабияты жана класстан тышкаркы тарбиялык сааттар боюнча окуу-методикалык колдонмо дебестен, класстан тышкаркы тарбиялык сааттар боюнча кошумча окуу куралы аталышы натыйжалуу болмок.

Окуу материалдарынын камтылышы,багытталган ишмердүүлүктү максатуу жыйынтык менен камсыздоого карата мээге чабуул, логикалык чынжырча, инсерт, ж.б.у.с.окутуунун интерактивдүү ыкмаларын пайдалануу аркылуу билим берүүнүн аппараты иштелип чыккан.

Жогорудагыларды угуу менен талкуулоо жана добуш берүүнүн жыйынтыгында **окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

1.Көркөм тексттер менен иштөөнүн негизинде окуучуларга гендердик билим, тарбия берүү. 7-11-класстар үчүн окуу-методикалык колдонмонун (түзг.: Панасова З., Жусупбекова Н., Оморова А., Чепекова Г.) кол жазмасы жактырылсын жана басууга сунушталсын.

**5.7. Өспүрүм курагындагы мектеп кыздары үчүн кыргыз жана орус тилинде колдонмолор:** 1) Чоңоюп бойго жетебиз. Өспүрүм курагындагы мектеп кыздары үчүн колдонмо (түзг.: Абдыраманова А.К., Ж.Хейвер, Савочкина В.В., Усупова Ж.Э.); 2) Кызым менен маек(түзг.: Абдыраманова А.К., Ж.Хейвер, Савочкина В.В., Усупова Ж.Э.); 3) Акылай бойго жетти (түзг. Оксана Маркварт); 4) 5-11-класстарда иштеген мугалимдер үчүн методикалык колдонмо (түзг.: Абдыраманова А.К., Ж.Хейвер, Савочкина В.В., Усупова Ж.Э.).

**Угулду:** Табигый-математикалык предметтер лабораториясынын башчысы, п.и.к. Б.Рыспаева төмөнкүлөрдү билдирди.

Колдонмолордун авторлору өспүрүм курактагы окуучулардын организминде өзгөрүүлөрдүн көп жагдайлары өздөрүнө түшүнүксүз болгондуктан алар тийиштүү маалыматтарга, камкордукка жана жана улуулардан колдоо алууга муктаж. Жашы жете элек кыз балдар зарыл жана тийиштүү маалыматка ээ болбогондуктан же текшерилбеген булактардан маалымат алышат да жетилүү жөнүндө туура эмес ойго, жүрүм-турумдарга кептелишкени көргөзүлөт. Мына ушуга байланыштуу учурдагы көйгөйлөргө, мисалдар келтирилип, маселелер көтөрүлүп, аларды чечүү боюнча мугалимдерге колдонмо ал эми окуучулар үчүн окуу колдонмосунун комплекси иштелип чыккан. Бул колдонмолор жалпы билим берүүчү орто мектептин мугалимдерине жана окуучуларына туура маалыматтарды берүү иретинде иштелген. Колдонмо 5-11 класстын кыздары менен 25 адамдан ашпаган топ ичинде жыныстык жактан жетилүү мезгилинде кыздардын организминде болуучу процесстер боюнча биология предметинде класстан сырткаркы иш катары өтүү үчүн түзүлгөн. Андагы материалдар кыздардын өздүк гигиенасына тиешелүү көндүмдөрдүн калыптануусун камсыздай тургандыгын белгиледи.

Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрүнүн арасында талкуусу жүрүп, добуш берилди. жыйынтыгында

Талкуунун жана добуш берүүнүн негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

1. Өспүрүм курагындагы мектеп кыздары үчүн кыргыз жана орус тилинде колдонмолор: 1) Чоңоюп бойго жетебиз. Өспүрүм курагындагы мектеп кыздары үчүн колдонмо (түзг.: Абдыраманова А.К., Ж.Хейвер, Савочкина В.В., Усупова Ж.Э.); 2) Кызым менен маек(түзг.: Абдыраманова А.К., Ж.Хейвер, Савочкина В.В., Усупова Ж.Э.); 3) Акылай бойго жетти (түзг. Оксана Маркварт); 4) 5-11-класстарда иштеген мугалимдер үчүн методикалык колдонмо (түзг.: Абдыраманова А.К., Ж.Хейвер, Савочкина В.В., Усупова Ж.Э.) жактырылсын жана басууга сунушталсын..

**6. Кыргыз тилин эне тил катары окутуунунконцепциясын бекитүү жөнүндө (түзг.: Ж.А.Чыманов, С.К.Рысбаев, көлөмү – 11 бет).**

**Угулду:** Мамлекеттик, расмий жана чет тилдер лабораториясынын башчысы, п.и.д. профессор лаборатория башчысы С.К.Рысбаев маселе боюнча буларды билдирди:

Аталган концепция кыргыз тилин кыргыз мектептеринде эне тили катары окутууга арналып, түзүлдү. Анда кыргыз тилин окутуунун жалпы маселелери, учурдагы абалы, методикалык негиздери каралган. Кыргыз тилин окутууда педагогиканын жалпы методологиясына, педагогиканын атайын методологиясына, педагогиканын жеке методологиясына, кыргыз тилин окутуунун лингвистиканын методологиясына таянылары көрсөтүлгөн.

Кыргыз тилинен билим берүүнүн принциптери, дидактиканын жалпы принциптери, жеке предметтик принциптер, кыргыз тилинен билим берүүнүн максаттары менен милдеттери аныкталган. Кыргыз тилинен билим берүүнүн мазмуну, анын тилдик, коммуникативдик маданий-таанып билүүчүлүк компетенциялары такталган. Ошону менен бирге, бул концепцияны турмушка ашыруунун негизги батыттары катары бир нече иш-чаралардын топтому сунушталган. Концепция долбоор катары бекитүүгө сунушталат.

Негизинен, концепция учурдун керектөөсүнө ылайык зарыл талаптарды жана механизмдерди өзүнө камтып турат.

Концепциянын мазмуну жана структурасы боюнча Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү тарабынан суроолор берилип, талкуу болуп өттү. Талкуудан кийин добуш берүүдө отурумга катышкан Окумуштуулар кеңешинин 13 мүчөсү концепцияны бир добуштан колдошту.

Жогорудагыларды угуу менен талкуулоо жана добуш берүүнүн жыйынтыгында **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мекемелеринде кыргыз тилин эне тили катары окутуунун концепциясынын кол жазмасы ( түз: Ж.А.Чыманов, С.К.Рысбаев, көлөмү - 11 бет) жактырылсын жана Билим берүү жана илим министрлигине сунушталсын.

**7.Кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүүнү өркүндөтүүнүн концепциясын (түзг.:С. Рысбаев, К. Добаев, Б. Абдухамидова, көлөмү 19 бет) бекитүү жөнүндө.**

**Угулду:** Мамлекеттик, расмий жана чет тилдер лабораториясынын башчысы, п.и.д. профессор лаборатория башчысы С.К.Рысбаев маселе боюнча буларды билдирди:

Аталган концепция кыргыз тилин экинчи катары үйрөтүүнү өркүндөтүү концепциясы учурдун талабына ылайык тилди деңгээлдик негизде үйрөтүү

технологияларына таянуу менен түзүлгөн. Концепция п.и.д. профессорлор С.Рысбаев, К.Добаев жана п.и.к., Б.Абдухамидовалар тарабынан түзүлгөн.

Анда кыргыз тилин окуу орус, өзбек тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүүнүн методологиясы, максат-милдеттери, мазмуну, анын компоненттери аныкталган. Мектепте кыргыз тилин үйрөтүүдөгү деңгээлдер –А1, А2 жана В1 катары мүнөздөлүп, анын талаптары айкындалган. Сүйлөшүү чөйрөлөрү катары өздүк социалдык-маданий, окуу жана эмгек чөйрөлөрү белгиленген, ал чөйрөлөрдө сүйлөшүү тексттеринин тематикалары такталган. Мындан сырткары, кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүүнүн принциптери менен методдору, келечекте аткарылуучу милдеттер сунушталган. Аталган концепцияны долбоор катары бекитүүгө сунуш кылууга болот.

Негизинен, концепция учурдун керектөөсүнө ылайык зарыл талаптарды жана механизмдерди өзүнө камтып турат. Концепциянын мазмуну жана структурасы боюнча суроолор берилип, талкууланды. Окумуштуулар кеңешинин отурумга катышкан 13 мүчөсүКыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүүнү өркүндөтүүнүнконцепциясын бир добуштан колдошту.

Жогорудагыларды угуу менен талкуулоо жана добуш берүүнүн жыйынтыгында **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

**1.** Кыргызстандын жалпы билим берүүчү мектептеринде кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүүнү өркүндөтүүнүн концепциясынын кол жазмасы (түз:С. Рысбаев, К. Добаев, Б. Абдухамидова, көлөмү 19- бет) жактырылсын жана ишке ашыруу үчүн Билим берүү жана илим министрлигине жөнөтүлсүн.

**8. Филология илимдеринин докутору, профессор С.О.Байгазиевге Педагогикалык жана методикалык илимий эмгектеринин жыйындысы боюнча 13.00.01. – Жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы; 13.00.02. – Окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (Адабият) жагынан шифр ыйгарууну ЖАКка сунуштоо.**

**Угулду:** Мамлекеттик, расмий жана чет тилдер лабораториясынын башчысы, п.и.д. профессор лаборатория башчысы С.К.Рысбаев аталган маселе боюнча билдирүү жасады.

Илимий-педагогикалык, методикалык эмгектеринин жыйындысы боюнча жана ЖАК берген документтердин негизинде филология илимдеринин доктору, профессор Советбек Орозкановичке13.00.01-Жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы;13.00.02-Окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (окуу предметтери боюнча) боюнча шифр ыйгаруу маселеси боюнча төмөнкүлөрдү айтса болот.

С.Байгазиев 1985-жылдан бери карай билим берүү, педагогика системасында эмгектенип келе жатат.С.Байгазиев өзүнүн педагогикалык, методикалык эмгектери боюнча Кыргыз билим берүү академиясынын академиги (КББАнын Окумуштуулар Кеңешинин чечими. Протокол №5. 30.05.2014), Кыргыз тилин жана адабиятын окутуу методикасы боюнча ага илимий кызматкер (СССРдин Министрлер Советинин алдындагы ЖАКтын чечими 4.XII. 1991. Протокол №35 с/11), Педагогикалык жана социалдык илимдер академиясынын анык мүчөсү (АПСНдин жалпы жыйынынын чечими: 21-январь, 2005-жыл), Кыргыз адабиятын жана аны окутуу методикасы боюнча профессор (КРдин ЖАКнын чечими. 1-март, 1996-жыл. Протокол №2п-2/6) аттуу илимий наамдардын ээси болуп эсептелет.

С.Байгазиев илимий-педагогикалык багыттагы жана билим берүүнүн тарыхы боюнча төмөндөгүдөй эмгектердин автору (кээсине авторлош) болуп саналат:

Педагогика боюнча:

1. Кыргыз Республикасынын мектептеринде предметтик билим берүүнү

жаңылоонун концепциялары (авторлош). КСХИнин типографиясы, - Бишкек, 1995. 6 б.т.
2. Гумандуу педагогика жөнүндө сөз. – Бишкек: «Алтын тамга», 1998. 5 б.т. монография.
3. Кыргыз Республикасынын мектептеринде предметтик билим берүүнүн мамлекеттик стандарттары (авторлош). – Бишкек: “Билим куту”, 2006.
4. Адеп сабагы. 1-11-класстар үчүн окуу программасы (авторлош). – Бишкек: «Учкун», 2003.
5. Ала-Тоодогу агартуунун тарыхынын очерки. – Бишкек: «Эркин тоо», 2005. 4 б.т., монография.
6. Нурмолдо – XIX кылымдын тунгуч агартуучусу. – Бишкек: «Эркин тоо», 2005. 4 б.т., монография.
7. Гумандуу педагогика. – Бишкек: «Алтын тамга», 2006. 30 б.т.
8. Ата мекендик жана дүйнөлүк этика, 11-класс үчүн окуу куралы. – Бишкек: «Гүлчынар», 2007. 8 б.т.
9. Кыргыздын улуу акындарынын этикасы жана педагогикасы. – Бишкек: «Гүлчынар», 2007. 4, 5 б.т., монография.
10. Педагогикалык руханият. – Бишкек: «Алтын тамга», 2008. 29 б.т.
11. Азыркы мектептеги тарбия: максаты, мазмуну жана технологиясы. – Бишкек: «Гүлчынар», 2009. 5 б.т., монография.
12. «Манас» эпосундагы баланы эркин тарбиялоо философиясы. – Бишкек: «Алтын тамга», 2012. 2 б.т., изилдөө.
13. Бала Манастын инсан катары калыптанышында эмгек тарбиясынын ролу. – Бишкек: «Алтын тамга», 2012. 4 б.т., монография.
14. «Манас» эпосунун рухий-адептик, патриоттук улуу дөөлөттөрү жана педагогикалык асыл нарктары. – Бишкек: “Алтын тамга”, 2014. 37 б.т., монография.
15. Байыркы Орхон-Енисей жазууларынын этикасы жана педагогикасы. – Бишкек: «Алтын Принт», 2015. 2, 65 б.т., монография.
16. Манас менен Каныкей-мекенчилдиктин идеалы жана рухий сулуулуктун улуу өрнөгү. – Бишкек: “Алтын Принт”, 2015. 8б.т, монография.
17. Этика жана этнопедагогика. – Бишкек: “Алтын Принт”, 2015. 11 б.т, монография.
18. Улуу Манас баатыр – урпактардын патриоттук идеалы. – Бишкек: “AS Print”, 2016. 4б.т., монография.
19. Окутуунун жана тарбиялоонун философиясы.- Бишкек, “Алтын тамга”, 2014. 25 б.т., Педагогикалык эмгектердин бир томдугу.

Педагогика агартуу билим берүү тарыхы боюнча жазган бул илимий эмгектери, Академик деген наамдары С.Байгазиевге эмгектеринин жыйындысы боюнча 13.00.01-Жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистигинен шифр ыйгаруу ылайык экендигин көрсөтүп турат.

Экинчи маселеге келсек, С.Байгазиев кыргыз адабиятын окутуунун методикасы боюнча өйдөкүдөй адистик илимий наамдарга ээ жана ал төмөнкүдөй эмгектердин ээси:

Методика Кыргыз адабиятын окутуу маселелери боюнча:

1. Кыргыз тили жана адабияты окуу китептерине коюлуучу талаптар. – Фрунзе: «Мектеп», 1987.
2. Педагогикалык тажрыйба: изденүүлөр жана табылгалар (авторлош). – Фрунзе: «Мектеп», 1989.
3. Мектепте жазуучунун чыгармачылык индивидуалдуулугун үйрөнүү: Мукай жана Жусуп. – Бишкек: «Мектеп», 1993.
4. Кыргыз адабиятынын программасы: 5-11-класстар үчүн. – Бишкек: «Мектеп», 1993, 2003, 2006.
5. Кыргыз адабияты 11-класс үчүн окуу китеби (авторлош). – Бишкек: «Кыргызстан»,

1998, 2006.

6. Окутуунун интерактивдүү методу – Бишкек: «Эркин тоо», 2004.
7. Эл мугалими Бектур Исаковдун педагогикасы (анын «Манас» эпосун окутуусу) – Бишкек: “Учкун”, 2013.
8. «Манас» эпосун интерактивдик усул менен окутуу. -Гүлчынар, 2010.
9. «Манастаануу» (ЖОЖдор үчүн окуу программасы). – Бишкек: «Бийиктик», 2012.
10. «Манастаануу». ЖОЖдор үчүн окуу китеби, коллектив менен бирге. – Бишкек: “Бийиктик», 2013.
11. «Манас» эпосу: Кошой баатыр – даанышмандыктын, улутмандыктын жана мекенчилдиктин өрнөгү – Бишкек, «Алтын тамга», 2016. 9 б.т.
12. «Манас» эпосу: Бакай чыгыштын акылманы. – Бишкек: «Алтын тамга», 2015, 8 б.т.
13. Кыргыз адабияты, 10-класс үчүн окуу китеби (Авторлош). – Бишкек, 2011.

Ушул эмгектеринин жыйындысынын жана жогорудагы документтердин негизинде профессор С.Байгазиевге 13.00.02-Окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (окуу предметтери боюнча) боюнча шифрди ыйгаруу туура жана калыс чечим болмок.

Маалыматты угуу менен Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү талкууга өтүштү. Талкууга С.Рысбаев, К.Добаев, А.Токтомаметовдор катышып оң пикирлерин билдиришти. Добуш берүүдө отурумга катышкан Окумуштуулар кеңешинин 13 мүчөсү С.Байгазиевге 13.00.01-Жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы;13.00.02-Окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (окуу предметтери боюнча) боюнчашифр ыйгаруу жагы КРнын Жогорку Аттестациялык комиссиясынан суралсын деген чечимди бир добуштан колдошту.

Жогорудагылардын негизинде КББАнын Окумуштуулар Кеңеши токтом кылат:

1. 13.00.01-Жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы; 13.00.02-Окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (окуу предметтери боюнча) боюнча С.Байгазиевге шифр ыйгаруу максатка ылайык деп табылсын.
2. 13.00.01-Жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы; 13.00.02-Окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (окуу предметтери боюнча) боюнча С.Байгазиевге шифр ыйгаруу жагы КРнын Жогорку Аттестациялык комиссиясынан суралсын.

**Окумуштуулар кеңешинин төрагасы,**
**ф.и.д., профессор** **С.Байгазиев**

**Окумуштуу катчы** **А.Ниязова**